# ДУБАЛАРЫМДЫ ҮЙРӨНӨМҮН



ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

# ДУБАЛАРЫМДЫ ҮЙРӨНӨМҮН







**Түркия республикасы Дин иштери башкармалыгынын чыгармалары: 684**
**Балдар китептери: 176**

**Дубаларымды үйрөнөмүн**

**Жазган**
Рабия Гүлжан

**Сүрөттөрдү тарткан**
Дагыстан Четинкая

**Түрк тилинен которгон**
Майрамбек Орозобаев

**Редактору**
Нургүл Молдалиева

**Координатор**
Д-р Өмер Менекше

**Графика**
Нургүл Молдалиева

**Дин иштери жогорку кеңешинин чечими**
22.02.2007 / 11

**2008-06-Y-0003-684**
ISBN 975-19-4059-1

**Басмакана**
Başak Matbaacılık
(0312) 384 27 61

© **Дин иштери башкармалыгы**
**Диний жарыялар бөлүмү башчылыгы**

**Байланыш дареги**
Eskişehir yolu 9. km. Çankaya / Ankara
Tel.: 0 (312) 295 72 94
Faks : 0 (312) 284 72 88
www.diyanet.gov.tr
diniyayinlar@diyanet.gov.tr

# АЛГЫ СӨЗ

Саламатсыңарбы сүйүктүү балдар!

Бизди өз койнунда жашаткан табият энебиз жаратылышындагы бардык жан-байлыгы менен улуу Жаратканыбыздан жардам тилеп, дуба кылаарын билесиңерби? Мисалга алсак, бак-дарактар гүлдөп жатканда дуба кылат. Дарыялар чалкыган деңизди көздөй чамынып агып жатканда дуба окуйт. Канаттуулардын кубулжутуп сайраган үндөрү да өзгөчө бир түрдөгү дуба болуп эсептелет. А эмне үчүн адамдар мындай керемет дуба оркестрына кошулушпайт? Келгиле, ыйык табият эненин ошол муукамдуу дубасына биз дагы кошулалы. Чалкыган деңиздердин, оргуштаган дайралардын, бак-дарактардын, гүлдөрдүн ошол керемет дуба хорун биз да коштойлу. Бизге ушундай толгон-токой ырыскы-байлык ыроологону үчүн Аллага шүгүр дейли. Бизге табияттын ушунчалык татына табериктерин тартуулаганы үчүн Ага ыйман келтирип, тооп кылалы. Ата-энелерибиз, ага-туугандарыбыз, курбу-курдаштарыбыз жана жер үстүндө болуп жаткан түшүнүксүз коогасогуштарда аянычтуу абалдарда калган наристе балдар үчүн дуба окуп, тилек тилейли. Мекенибиз, улутубуз үчүн дуба кылалы. Кечкисин жуурканыбызга кирип уктаар алдында быйтыгый алакандарыбызды жайып жакшы тилектерибизди айталы. Эртең менен уйкудан ойгонгондо дуба кылалы. Тамак жеп бүтүп дасторкондон турарда дуба кылалы. Жаратканыбыздын бизге берген ырыскылары үчүн ыраазычылык билдирип шүгүр кылалы.

Сүйүктүү балдар!

Дин иштери башкармалыгы катары силер үчүн мындан мурун “Динимди үйрөнөмүн”, “Пайгамбарымды таанып билем”, “Китебим Куранды үйрөнөмүн” аттуу үч китеп жарыялаган элек. Силердин ал китептерди абдан жактыргандыгыңарды, аларды жан-дилиңер менен берилип окуганыңарды көрүп биз кандай гана кубандык, билесиңерби? Ал китептер башка тилдерге да которулуп ошол тилдерде сүйлөгөн курдаштарыңар да окушту. Аларга да ал китептер абдан жакты.

Азыр болсо колуңардагы бул китепти силерге тартуулап жаткандыгыбыз үчүн кубанычтабыз. Муну дагы берки китептердей эле жакшы көрүп, жаныңардан чыгарбай окууруңарга ишенебиз. Бул китеп аркылуу окуган дубаларыңарды мурункудан да көбүрөөк сүйүп кыла баштайсыңар. Ошону менен катар эле каерде, кайсы убакта кантип дуба кылыш керек экенин да үйрөнүп аласыңар. Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед алайхис-саламдан баштап ага чейинки бардык пайгамбарлардын кылган дубаларын үйрөнөсүңөр. Силерден бул китеп менен байланыштуу кат-кабар күтөбүз. Силер биздин келечегибизсиңер, биз силерди сүйөбүз.

**ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ**

# ДУБАЛАРЫМДЫ ҮЙРӨНӨМҮН



ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

АНКАРА
2008

# Мазмуну

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

**ДУБАЛАРЫМ – ТИЛЕКТЕРИМ**

- Бардык нерсе Ага дуба кылат 9
- Алла дуба кылышыбызды каалайт 11
- Алла таала окуган дубаларыбызды угат 12
- Кылган дубаларыбыз кабыл болбосочу... 12
- Жаратканыбыз дуба-тилектерибизге жооп кайтарат 14
- Бактылуу күндөрүбүздө кылган дубаларыбыз 14
- Кайгылуу күндөрүбүздө кылган дубаларыбыз 15
- Дуба – сүйүү жана жакындык 17
- Дуба жашообузга жаңы бир дем, сулуулук кошот 19
- Ар дайым кайда болсок да дуба кылалы 19
- Кантип дуба кылабыз? 20
- Пайгамбарыбыздын жашоосунда дуба 23
- Тескери дуба окуудан оолак болгула 25

*ОКУЙЛУ:* УШУНДАЙ БОЛ, УШИНТИП АЙТ 27

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**ЫЙЫК КУРАНДАГЫ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ДУБАЛАРЫНАН**

- Ыйык Курандагы дуба үлгүлөрү 31
- Кандайдыр бир ишти же сөздү баштаарда кылына турган дуба – Бисмилла 31
- Түбөлүк жашоо үчүн ачылган каалга – Фаатиха сүрөсү 35
- Фаатиха сүрөсүнүн аяттары 35
- Алланын ысымдары менен дуба кылуу 38
- Эң улук дуба – Аятүл күрси 40
- Мираждан келген белек, же Бакара сүрөсүнүн акыркы аяттары 41
- Раббена дубалары 41
- Дуба катары Ихлас, Фалак жана Ан-наас сүрөлөрү 43
- Намазда окулган дубалар 43
- Жолубузга жарык чачкан пайгамбарлардын дубалары 45
- Пайгамбарыбыздын жашоосундагы дубалардан айрымдары 52
- Исламдын улуу жол башчылары жана аалымдарынын дубаларынан 53

*ОКУЙЛУ:* БИСМИЛЛА 55

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## СЕН ДА ДУБА КЫЛ


- Дуба менен рахмат айтуу: Алла ыраазы болсун 59
- Уктап ойгонгондо жана уктоо үчүн 60
- Жамандыктардан бизди калкалаган калкан болушу үчүн 63
- Дубалар ар кандай коркуу сезимдеринен куткарат 63
- Кайгы-санаалардан арылтат 64
- Күмөн ойлордон арылуу үчүн 64
- Шыпаа үчүн 65
- Каалоолорум бар 66
- Чоң ата-чоң энелер, таята-таенелер жана ага-туугандар үчүн 66
- Өздөрү бул дүйнөдөн өтүшсө да, элестери жүрөгүбүздө 68
- Ата-эне жана бир-туугандар үчүн 69
- Досторум – жандай сүйгөн ынагым 69
- Үйдөн чыгарда жана үйгө кирерде 70
- Окууга бара жатканда дем-күч берген жолдош 71
- Эң чоң сыйлык 71
- Жеңилдесин 73
- Сапар дубасы 73
- Жедик, ичтик ырыскы даам, Жаратканга шүгүр кылам 74
- Береке тилөө 75
- Кырсык-балээлердин болбошу үчүн дуба кылалы 75
- Өткөн ишке өкүнсөк да, ал үчүн бир нерселер кылууга болот 76
- Үй ээсине эң сонун белек 76
- Сүйүнүчүбүзгө сүйүнүч кошкон дубалар 77
- Бейпилчилик берген дубалар 77



БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ДУБАЛАРЫМ – ТИЛЕКТЕРИМ

*“Алла алкагында дубадан кымбат эч нерсе жок. ”*

(Ибн Маже, “Дуа”, 1)



## *Бардык нерсе Ага дуба кылат*

Жержүзүндөгү жанбүткөндүн бардыгы абага, сууга, топуракка жана күн нуруна муктаж. Дүйнөгө жаңы келген бир бөбөк энесинин сүтүнө жана анын мээрим толгон жылуу кучагына муктаж.

Бир урук тамыр байлап өсүп-өнүш үчүн топуракка муктаж. Топурак жамгырга, жамгыр болсо булутка муктаж. Куштар көктө кайкып учуп жүрүүлөрү үчүн канатка, балыктар жашоо көчүн уланта берүүлөрү үчүн сууга муктаж. Жашаган ар бир жандуу жашоосун улантып, өз тукумун сактап калуу үчүн экинчи бирөөлөрдүн жардамына муктаж. Эч нерсеге муктаж болбогон тек бир нерсе – жараткан Алла таала. Анткени, Алла – ааламдагы бардык нерсенин жалгыз жаратуучусу. Жандууларга жашоо берген – Ошол. Анын уруксатысыз эч бир жандуу жашоосун уланта албайт. Анын эркисиз эч бир нерсе өзүнөн өзү жасалбайт. Бардык нерсе Ага муктаж. Ал Өзү эч нерсеге муктаж эмес.

Планеталар Анын эрки боюнча өз огунда айланат. Жылдыздар Анын өкүмү боюнча көктө жанат. Күн да Анын

*“Ант болсун, эгер берген ырыскыларыма шүгүрчүлүк келтирсеңер, албетте (аларды дагы да) арттырам.”*

(Ибрахим сүрөсү, 7-аят)



буйругуна жараша чыгат, батат. Ай дагы Анын каалоосу боюнча асманыбыздын көркүн ачат.

Ал – асмандар менен жерлердин жана алардын арасындагы бүтүндөй жандуу-жансыздардын Раббиси.

Дем алгандагы ар бир демибиз, жасаган ар бир кадамыбыз, үйрөнгөн ар бир жаңы нерсебиз, кылган ар ишибиз бир гана Анын буйругу менен ишке ашат.

Ушул учу-кыйры көрүнбөгөн укмуштай кооз дүйнөбүздү биз үчүн Ал кооздоду, дем алган абабызды, ичкен суубузду Ал жаратты. Түнкүсүн таптакыр караңгылыктын ичинде калышпасын деп ай менен жылдыздарды жаратты. Жамгыр жаасын деп булуттарды, суусуз калышпасын деп дарыя-сууларды жаратты. Ар бири ар түркүн түстө, даамда жана жытта болгон жашылча жана жемиштерди, нан жасашыбыз үчүн буудайды, этин жеп сүтүн ичкен жаныбарларыбызды да Ал жаратты. Ал “бол” дегени үчүн мунун баары болду.

Бардык нерсе Анын каалоосуна жараша болот. Анын уруксатысыз колубуздагы сууну иче алар белек? Үйдөн чыгып мектепке бара алар белек? Дем алган учурубузда ичибизге алган демди кайрадан тышка чыгара алар белек? Албетте, мунун баарын улуу кудуреттүү Алланын эрки болбосо жасай албас элек.

Эгер биз сүйлөшө алсак, уга алсак, колубузду кыймылдата алсак мунун баары Анын буйругу боюнча болууда. Ар бир нерсе өз тилинде сүйлөйт. Жер менен көктүн ортосундагы бардык нерсе Алла тааланы даңктайт. Бардыгы өз тилинде Ага шүгүрчүлүк кылат, Андан жардам сурап жалбарат.

Канаттуулар эртели кеч чыр-чур этишип үн салышат, аарылар гүлдөн гүлгө конушуп бал чогултушат, кумурскалар уяларына тамак-аш ташышат. Өзөгүндө катылып жаткан дарактын өнүп-өсүшүн каалаган бир урук айдалган топуракка себилип, суунун келишин күтөт, күндүн жылуу табын эңсейт. Өз тилинде улуу кудуреттүү Алладан дуба кылып: “Мени өстүр, канат-бутагы жайылып керилген чоң дарак

кыл, адамдарга пайдам тийсин," – деп тилек кылат. Ар бир нерсе өзүнө ыроолонгон ырыскыга ыраазы болуп ырахматын айтат, аны ыраазы кылганга дуба окуп ыраазычылыгын билдирет. Бардык мактоолор жана ыраазычылыктар Ал үчүн.

## *Алла дуба кылышыбызды каалайт*

Күн ар күн таң эртеден биз үчүн чыгат. Кубулжутуп сайраган канаттуу-куштар, ыз-ыз этип бал чогулткан аарылар, гүлдөн гүлгө конуп кубалашып ойногон көпөлөктөр, түркүн түстүү гүлдөр, таштан ташка урунуп күкүктөп аккан кашка көк кашка суулар, дарыялар... Мына ушулардын бардыгы биз үчүн жаратылган.

Анан албетте, бизге ушундай сонун нерселерди тартуулагандыгы үчүн улуу кудуреттүү Алла таалага чексиз сүйүү жана сый-урмат менен карайбыз. Раббибиз бизди абдан сүйөт. Ошон үчүн бизге мынчалык жогору баа берет. Андыктан бизге жыт сезүү үчүн мурун, кармоо үчүн кол, даам сезүү үчүн тил, көрүү үчүн көз, угуу үчүн кулак, чуркоо үчүн бут берген, бизди бир эне бир атадан жараткан улуу кудуреттүү Алла таалага канчалык ырахмат айтып дуба кылсак аз болмокчу.

Эгер бир жолдошубуз кандайдыр бир белек берсе ага ырахмат айтканды унутпайбыз. Себеби, анын бизди барктап сый көргөзүп жаткандыгын түшүнөбүз. Ата-энебизге болгон сүйүүбүздү аларга ар кандай жолдор аркылуу көргөзөбүз. Анткени, алардын биз үчүн жасаган жакшылыктарын эч качан унута албайбыз. Ал эми бизге ошончо сулуулук, түрдүү-түмөн ырыскы-кешик ыроологон улуу кудуреттүү Алла тааланы унутууга болобу? Ага карата кандайдыр бир милдет-жоопкерчилигибиз жокпу? Албетте бар. Ага карата милдет-жоопкерчиликтерибиздин эң башкысы – Аны сүйүү, Анын буйруктарын аткаруу, бизге берген сансыз сулуулук жана жакшылыктарынан улам Ага ыраазычылык билдирүү. Ошондой эле Ал да өзүнө ырахмат айтып ыраазычылык билдиришибизди каалайт.

Ал эми улуу кудуреттүү Алла таалага болгон ыраазычылыгыбызды Ага дуба окуп ибадат кылуу жолу менен гана

*"Алла сүйлөшкөнүңөрдү угат. Анткени Алла – эң жакшы угуучу жана эң жакшы көрүүчү."*

(Мужаадала сүрөсү, 1-аят)



*“Асмандардын жана жердин сырларын бир гана Алла билет. Ал ушунчалык көрөгөч жана ушунчалык угарман.”*

(Кахф сүрөсү, 26-аят)



билдире алабыз. Жаратканыбыз дуба жана ибадат кылуу аркылуу өзүнө ыраазычылык билдиргендерди жактырат жана аларга ыроологон ырыскыларын дагы да арттырат.

## *Алла таала окуган дубаларыбызды угат*

Бар экендиги чын чексиз боорукер жана ырайымдуу улуу кудуреттүү Алла таала бизди сүйөт, биз да Аны сүйөбүз. Каалоо-тилектерибизди Ага билдиребиз, кандай каалоолорубуз болсо ошого жараша дуба кылабыз. Ал биздин көңүлүбүздөгү купуя сырларыбызды, кыпындай да болсо жүрөгүбүздү өйүгөн ой-санааларыбызды чексиз кудурети менен туюп билет. Жолдошторубуз үчүн даярдаган сюрприздерибизди да билет. Биз үчүн кол жеткистей болуп көрүнгөн аруу тилек, кыялдарыбызды билет жана турмушка ашырат. Ар бир кылган кыймыл-аракет, абалыбызды көрүп-билип үнүбүздү угуп турат.

Эч ким үнүбүздү уга албаган, караанубызды көрө албаган жерде Ал биздин үнүбүздү угат, өзүбүздү көрөт. Эч ким бизге жардам бере албай турган кезде Ал жардамга келет.

Алла бардык үндү уккандай эле Ага карата кылган дубаларыбызды да эшитет. Андыктан, Анын бизге ыроологон ырыскылары үчүн Өзүнө канчалык денгээлде ыраазычылык билдирип, урмат-сый көрсөткөндүгүбүздү анык билет. Ичибизден болобу, тышыбыздан болобу, айтор кандай абалда дуба кылсак да, Ал баарын угат.

## *Кылган дубаларыбыз кабыл болбосочу...*

Дуба кылуу – биздин иш, ал эми аны кабыл кылуу, же кылбоо – Алланын иши. Дубаларыбызды уккан жаратканыбыз аларга сөзсүз түрдө жооп кайтарат. Бирок бул жооп кайтарат дегенди ар дайым эле кылган дубаларыбыздагы каалаган нерселерибиздин орундалышы катары түшүнбөшүбүз керек. Биздин кыла турган нерсебиз сабырдуулук менен Ага карата айткан жакшы тилек дубаларыбызды улантуу болуп саналат. Демек, “Бир жолу каалоо-тилегимди билдирдим, орундалган жок”, -



*"Алла дубаларыңарды кабыл кылат. Алардын кабыл болушу үчүн ашыкпагыла. Дуба кылдым дегиле, кабыл кылынбады дебегиле."*

(Тирмизи, "Деават", 12)



деп кол шилтеп коюуга болбойт. Дуба-тилектерибизди айтууну уланта беришибиз керек. Ушуну унутпайлы, Жаратканыбыз орундалышы биз үчүн эң кайырдуу боло турган натыйжага бизди эң туура убакта жеткирет. Себеби Ал биз үчүн анык керек болуучу нерсени, б.а. биз үчүн кайсы нерсенин кайырдуу (пайдалуу), кайсы нерсенин кайырсыз болорун бизден жакшы билет. Каалаһса, Андан кандай тилек тилесек, дал ошондой орундатат, же болбосо андан ашыгын деле берет. Каалаһса, тилеген тилек-дубаларыбызды бул дүйнөдө кабыл кылбайт, аркы түбөлүк дүйнөдө кабыл кылат. Бирок эртедир-кечтир сөзсүз түрдө тилеген дуба-тилектерибизге жооп кайтарат.

## *Жаратканыбыз дуба-тилектерибизге жооп кайтарат*

Ал – бардык нерсенин Жаратуучусу. Ырайымдуу жана мээримдүү. Анын ырайымы бардык нерсени кучагына алат. Өзүнө алакан жайып, дуба окуп, жан-дили менен берилип, жалынып тилек тилегендерди өзгөчө сүйөт.

Ырыскысын издеген кумурсканын, жем сурап чебеленген балапандын насибин канаттандырган, ач калсак тойгузган, суусуз калсак булуттар, дарыялар аркылуу бизге суу жеткирген, ооруп калсак дартыбызга дабаа тапкан, бардык кырсык-балээлерден коргогон – Ал, улуу кудуреттүү Алла таала.

Ал көңүлүбүздү ар кандай тынчсыздануулардан, ой-санаалардан арылтып бейпилчилик тартуулайт. Кандайдыр бир туура эмес иш кылып алган болсок жаратканыбызга жалбарып Андан кечирим сурайбыз. Анткени Ал чексиз ырайымдуу жана кечиримдүү.

Кандай гана каалоо-тилектерибиз болбосун аларды орундатуу Ал үчүн кыйын деле эмес. Кылган тилек-дубаларыбызды Ал бул дүйнөдө, же тигил дүйнөдө биздин жүрүш-турушубузга, жасаган жакшы иш-аракеттерибизге карап орундатат. Ал биздин тилек-дубаларыбызга жооп кайтаруусу аркылуу өзүнүн чексиз ырайымдуулугун көргөзөт. Жаратканыбыз ар дайым биз менен бирге. Аны менен кубанычыбызды, кайгы-капабызды тең бөлүшүү кандай сонун!

## *Бактылуу күндөрүбүздө кылган дубаларыбыз*

Бир нерсеге катуу кубанганыбызда кубанычыбызды жакын бирөөлөр менен бөлүшкүбүз келет. Класстан класска көчкөнүбүздө, же сабактардан жакшы баа алганыбызда кубанабыз. Туулган күнүбүздө, майрамдарда, үйлөнүү тойлорунда, көптөн бери көрүшө элек алыстагы жакындарыбыз менен көрүшкөн учурда кубанычыбыз койнубузга батпай сүйүнөбүз жана ал кубаныч толгон сезимдерибизди бирөөлөр менен бөлүшкүбүз келет. Мына ошондой учурларда бизге андай кубаныч тартуулаган Алла тааланы унутпагандыгыбызды көргөзүп, Ага болгон ыраазычылыгыбызды билдиришибиз керек. Антип ар дайым ошондой кубанычтуу күндөрүбүздө дуба кылып, Аллага болгон урмат-сыйыбызды көрсөтүүнү унутпасак, Ал да бизге ыраазы болуп ырыскысын аябайт.

Мисалы, биз өзүбүз кандайдыр бир дарттан, же кырсык-балээден кутулганыбызда кубанабыз. Бизди ошол дарттан коргогон, бизге ден-соолук жана бакубат жашоо берген Алланы урматтоо менен Ага дуба кылабыз. Окуу жылын ийгиликтүү аяктап, жогорку класска көчкөн сайын бизди ошондой ийгиликтерге жеткирип кубандырган кудуреттүү Алла таалага терең ыраазычылык билдиребиз. Жүрөгүбүздү туйлатып, көңүлүбүздү толкуткан кандай гана кубанычтуу окуяга туш болбойлу, ошол учурда Аллага карата айткан ар бир жакшы сөзүбүз дуба болуп эсептелет. Ошондуктан, бир гана кандайдыр бир дартка чалдыгуу, же жакындарыбыздан айрылуу сыяктуу башыбызга түшкөн ар кандай кыйынчылык учурларда дуба окубастан, ишибиз илгерилеп, көңүлүбүз толкуп турган кубанычтуу күндөрүбүздө да дуба кылышыбыз керек.

Биз оор күндөрдө кандай чыдамдуулук менен жаратканыбызга жалбарып, дуба окуп ошол кыйын кырдаалдардан аман-эсен чыгып кете алсак, Алланын бизге буюрган ырыскыларын, жакшылыктарын аздектеп күтүп, туура кармана билүү үчүн да дуба кылышыбыз абзел.

*“Алла жана (Анын) периштелери пайгамбар үчүн көп-көп дуба кылышат. Силер да ал үчүн дуба кылгыла жана ага Алладан жакшылык тилегиле.”*

(Ахзааб сүрөсү, 56-аят)



## *Кайгылуу күндөрүбүздө кылган дубаларыбыз*

Адам өмүрүнүн ар бир күнү бирдей болбойт. Кай күндөрү



ойлогону орундалып, көңүлү көтөрүлүп өзүн бактылуу сезсе, кай күндөрү капилет кырсык-дартка кабылып, кайгынын кара торуна чалынып мээнет чырмайт. Адам уулу андай учурларда кээбир окуялардын өзү үчүн натыйжалуу болоорунан күмөн санап, жакшылыктан үмүтү үзүлүшү мүмкүн. Мисалга алсак, кимдир бирөө кандайдыр бир дартка чалдыкса, же жашоосундагы жакын адамынан айрылса, өзүн чарасыз жана жалгыз сезет. Мына ушундай абалдарда Аллага ыктап дуба кылуу адамга дем-күч, ишеним жана кайрат берет, үмүт отун тутантып, сабырдуулук сезимин бекемдейт. Анткени, дуба кылган киши Алланын бардык нерсеге күчү жетерин жана өзүнө жардам берерин билет. Ушундан улам көңүлүн оорутуп, жүрөгүн сыздаткан бардык кайгы-санаалардан арылуу үчүн Ага ыктайт, андан жардам күтүп дуба окуйт. Көкүрөгүн өйүгөн бардык кайгы-күйүтүн Ага айтып, Аны менен бөлүшүп бугун чыгарат, жеңилдейт. Ошол өңдүү эле, бир сабактан жаман баа алып калса, өзүнө болгон ишенимин жоготуп, үмүтүн үзүп койбостон, тескерисинче, ошол сабакка дагы көбүрөөк көңүл буруп даярданат, үй тапшырмаларын убагында аткарат. Анан: “Улуу кудуреттүү Алла таалам, сабактарымды жакшы окуп окуумду ийгиликтүү аякташым үчүн мага жардам бер!”– деп дуба кылат. Ооруп калса ооруканага барып дарыланат. Анан: “Улуу кудуреттүү Алла таалам, мага ден-соолук бер, ар түрдүү оору-сыркоодон алыс кыл!” – деп Аллага тилек-дубасын айтат. Жалгыз гана өзүнүкүн эмес, башкалардын тарткан кыйынчылыктарын жеңилдетүү үчүн да Аллага дуба кылат.

*“Кабыл кыларына чындап ишенүү менен Аллага дуба кылгыла.”*
(Тирмизи, “Деават”, 66)



## *Дуба – сүйүү жана жакындык*

Алла өзү жараткан бардык нерселерди сүйөт. Ошондой болсо да, жаратканларынын ичинен адам баласы өзгөчө бир орунга ээ. Себеби, Алла таала адамга башка жандарда болбогон акыл-эс жана ой жүгүртүү жөндөмү өңдүү өзгөчөлүк бериптир. Ошондой эле, ааламдагы бардык нерселерди анын кызыкчылыгы жана кызматы үчүн жаратыптыр. Мына ушунун баары Алланын адамды канчалык сүйгөндүгүн жана аны канчалык баалагандыгын көрсөтөт.

Бизди сүйүп баалап-барктаган адамды биз да сүйөбүз. Аны өзүбүзгө жакын көрөбүз. Анын сүйүүсү бизде да сүйүү сезимин пайда кылат. Анан ал жылуу сезимибизди ага айтабыз, же жасаган мамилебиз аркылуу билдиребиз. Минтип ички сезимибизди билдирүү ортобуздагы сүйүү сезиминин күчөшүнө жана ал адам менен абалкыдан дагы жакын болушубузга шарт түзөт. Анын сыңарындай, бизди сүйгөн жана айланабызга ар түркүн кооздук-сулуулуктар жаратып, бизге тартуулаган Аллага дубаларыбыз аркылуу биз да өз сүйүүбүздү билдиребиз. Ички ой-санаа жана сезимдерибизди бардык нерсеге кудурет-күчү жеткен Алла таалага билдирип, каалоо-тилектерибизди аны менен бөлүшөбүз жана андан жардам күтөбүз. Ушундайча, Алла таала менен арабыздагы сүйүү жана жакындык мамилебиз күчөйт. Анткени, Алланын өзүнүн жанында экендигин жана андан жардамын аябасын билген адам Ага болгон терең урмат жана сүйүү менен дуба кылат. Канчалык көп дуба кылган сайын ошончолук жандүйнөсү жаңыланып, өзүн бактылуу сезет, коркуу сезими азаят.



Дуба кылуу бир гана адам менен Алланын ортосунда эмес, адамдардын өзараларындагы сүйүү жана жакындык байланыш мамилелерин күчтөндүрөт. Себеби, дуба кылган адам бардык нерселердин жакшы болушун каалайт.

Биз да жашообуздагы жакшы көргөндөрүбүз үчүн дуба сыяктуу баалуу сөздөр сүйлөп, жакшы тилек-каалоолорубузду айтабыз. Алсак, бизге жакшылык кылганга ырахмат айтабыз. Алыс жолго аттангандарга “Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун” дейбиз. Тамак жегенден соң аны жасаган адамга “Аш бергенге баш берсин, узун өмүр жаш берсин” деген өңдүү дуба-тилектерибизди айтып бата кылабыз. Оорулууну көргөнүбүздө “Тезирээк сакайып кет” дейбиз. Дүйнөдөн кайткан тууган-урук, же жакындарыбызга “Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун” деп тилек кылабыз. Мына ушулардын баары жакшы тилек менен айтылган дубалар болуп саналат. Ушул сөздөр менен өзүбүз үчүн эмес, башка адамдардын ден-соолугу жана жыргалчылыгы үчүн дуба

кылуу алар менен болгон өзара жакындык байланышыбыздын бекемделишине өбөлгө болот. Себеби, адамдар башка бирөөнүн ага карата жакшы каалоо-тилек айтканын жактырат.

## *Дуба жашообузга жаңы бир дем, сулуулук кошот*

Биз бул дүйнөгө дуба менен келдик. Кулагыбызга азан чакырылып атыбыз коюлду. Анан эл-журттун керегине жараган эр-азамат, кайрымдуу уул же кыз болсун деп улууларыбыз бизге дуба-тилектерин айтышып бата беришти. Жакшы тилек-дубалардын коштоосунда кас-кас туруп, тай-тайлап бастык. Дуба-тилектер аркылуу мектеп жашына жеттик. Ата-энебиз: “Уулум, жараткан Алла окууңда сени ийгиликке жеткирсин!”– деп алкап мектепке жөнөттү. Жакшы тилек-дубалар менен окуучулук күндөрүн баштадык. Атабыз дуба менен үйдөн чыгып жумушуна кетет. Жеген наныбыздын үрөнү жакшы дуба-тилек менен топуракка себилет. Агород, бакчаларыбыз дубалардын окулушу менен сугарылат. Апабыз дуба-тилегин айтып, анан эң сонун тамактарды жасайт. Дасторконубуз дуба-тилек менен жайылып, дуба-тилек менен жыйналат. Бойго жетип үйлөнөр күнү келген эжелерибизге жакшы дуба-тилек айтылып, бата берилип үйдөн узатылат. Ооруулуларды көргөнү барганда, анын дартына дабаа табылып тезирээк сакайып кетиши үчүн дуба кылабыз. Узак жолго чыгарда улуулардан бата алышат. Бата менен байке-агаларыбыз аскерге кетишет. Көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп дүйнөдөн кайткандар дуба-тилек менен акыркы сапарына узашат. Андыктан, биз дуба менен төрөлүп, дуба менен чоңоёбуз жана дуба аркылуу жаратканыбыздын алдына барабыз. Жалпылап айтканда, бир мусулмандын жашоосу дуба менен өтөт.



## *Ар дайым кайда болсок да дуба кылалы*

Адамдар дайыма кайсы жерде, кандай чөйрөдө болбосун каалаган нерселери үчүн жаратканыбыз Аллага дуба кылышат. Себеби, дуба – Алланы эстөө, каерде болсок бололу Анын бизге жакын экендигин унутпоонун белгиси.

Дуба кылуу үчүн кандайдыр бир белгиленген жер жок. Мектепке бара жатканда, үйгө кайтып келе жатканда, уктаар алдында, таң атып ойгонгондо, отурганда, сабак окуп жатканда, базарда жүргөндө, велосипед тепкенде, кыскасы ар качан, ар жерде каалашыбызча дуба кыла алабыз.

Ден-соолугубуз жана бак-таалайыбыз үчүн, ал гана эмес курбу-курдаш, же мугалимдерибиздин ийгилиги үчүн да ар дайым дуба-тилектерибизди айта алабыз. Улуу кудуреттүү Раббибизге жалбаруу үчүн атайын белгиленген бир убакыт жок. Бир сутка ичинде каалаган маалда дуба кылсаңар болот. Бул жерде ушуну белгилей кетели, кылынган дубалардын ичинен эң таасирдүүсү – жалгыз өзүбүз болгон кезде кылган дубаларыбыз. Түн мезгили да дуба үчүн абдан ыңгайлуу убакыт болуп саналат.



Сүйүктүү пайгамбарыбыздын айткандарына караганда, улуу кудуреттүү Алла түнкүсүн дуба кылгандардын дубасын кабыл кылат экен. Андан бир нерсе каалагандарга каалаганын берет экен. Кечирим сурагандардын күнөөсүн кечирет имиш. Андай болсо биз да пайгабарыбыздын бул үгүтүнө ылайык түнкүсүн дагы көбүрөөк дуба кылалы. Өзгөчө жума жана ыйык (кандил) түндөр жан-көңүлдөн берилип кылган дубаларыбыздын кабыл болушу үчүн эң жакшы мүмкүнчүлүк болуп эсептелет. Бул түндөрү улууларыбыз менен бирге дуба кылсак да болот. Чогуу-чараан мечиттерге барып жамаат болуп кылынган ошол сонун дубаларга катышсак болот. Жараткан Алла Өзүнө ишенгендердин жамаат болуп, чын көңүлдөн берилип, дуба кылышканын абдан сүйөт.

## *Кантип дуба кылабыз?*

Дуба бир гана Аллага карата кылынат. Киши дуба аркылуу каалоо-тилектерин Аллага билдирет. Өз сөзү менен ички сезимдерин жана ой-санааларын Ага айтат.

Дуба кылуу абдан оңой. Ибадаттар сыяктуу эле дуба кылуу үчүн анчалык көп эреже жок. Ошондой болсо да айрым даярдыктар жасалышы керек. Эң алгач ой-санааларыбызды, сер-

гек сезимдерибизди бүт бойдон ошол окулуучу дубага бурушубуз зарыл. Акыл-оюбуз башканы ойлоп, тилибиз болсо башканы сүйлөбөшү керек. Өзүбүздүн эмне дегенибизди жана кандай дуба кылып жатканыбызды билүүгө тийишпиз.

Дубаларыбыздын кабыл болушу үчүн дуба кылардан мурда жардамга муктаж бирөөлөргө жакшылык кылсак болот. Ата-энебизге, курбу-курдаштарыбызга, ага-туугандарыбызга, кошуна-колоңдорго кандайдыр бир негизде жакшылык жасасак болот, же жан-жаныбарларга, ал тургай өсүмдүктөргө деле жылуу мээрим төгүп, керектүү муктаждыктарын камсыз кыла алабыз.

Дуба кылардан мурда даарат алуу эң жакшы адат болуп эсептелет.



Дуба кылып жатканда кээ бир нерселерди көңүлгө алсак, кылган дубаларыбызга сулуулук кошкон болобуз. Дуба кылууну баштаардан мурун ушул эки сүйлөмдү айтышыбыз керек. Алар – “хамд” жана “салават”. “Хамдды” улуу кудуреттүү Алла тааланы алкоо, даңазалоо деп түшүнсөк болот. Дубаны баштаганда улуу кудуреттүү Алланы даңктоо менен баштоого тийишпиз. Бардык мактоо-даңктоолорго ылайык болгон жалгыз гана – Ал. Анткени, ааламдагы бардык сулуулук-кооздуктар Анын кудурети менен жашайт. Бардык ырыскыларды ыроологон, жанбүткөндүн бардыгын жараткан жана жашоо берген – Ал. Ар түрдүү мактоо жана ыраазычылыктар Ага гана тиешелүү. Ага болгон алкоо-мактообузду “Оо, улуу кудуреттүү Алла таалам, сага шүгүр кылам” деп билдиребиз. Ошондой эле, анын ордуна намазда окулган Фатиха сүрөсүнүн алгачкы аяты болгон “Элхамдү-лиллахи рабил аалемин” дубасын да айтсак болот. Муну айткандан кийин сүйүктүү пайгамбарыбыз үчүн дуба кылууну да унутпашыбыз керек. Ал үчүн окулган дубаны “салават” дейбиз. Салават сүйлөмү болсо ушул: “Аллахүмме салли алаа Мухаммедин ве алаа аали Мухаммед”. Мунун мааниси төмөндөгүдөй: “Аллахым сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммедге жана анын үй-бүлөсүнө жана жакындарына ырайым кыл!” Ушул калыпта да айтсак болот.

Дуба кылууну улуу кудуреттүү Алланы даңазалоо жана сүйүктүү пайгамбарыбыз үчүн салават айтуу менен баштоо анын кабыл болушун оңойлотот. Улуу кудуреттүү Алла таала ушул калыпта дуба кылышыбызды жактырат. Себеби, жаратканыбыз сүйүктүү пайгамбарыбызды абдан сүйөт. Биз да аны жаныбыздан артык көрөбүз. Бизге бирөө алыстагы сүйүктүү досубуздун ысык саламын, жылуу кабарын айтып келсе кандай гана сүйүнөбүз, туурабы? Дуба кылып жатканда пайгамбарыбыздын атын эскерүү да ушуга окшош.

Мына ушулардан кийин ыйык китебибиз Куранда жазылган же сүйүктүү пайгамбарыбыз кылган белгилүү дубалардан тандап окусак болот. Ошол сыяктуу эле, көңүлүбүздө кандай каалоо-тилектерибиз болсо ошондой айта алабыз.



Дуба кылуу үчүн сөзсүз алакан жайып кол ачуу керек деген эреже жок. Ошентсе да, дуба кылууда алакан жайып кол ачуу кандайдыр бир тилек тилөө жана жалбаруунун ышараты. Дуба кылуудагы эң маанилүү нерсе – кандайдыр жасалма жана кош көңүл аракеттен алыс болуп тек гана Алладан жалбарып тилек тилөө.

Дубаларыбызды оюбуздагыдай кылалы. Дуба кылуудагы айткан сөздөрүбүз жөнөкөй жана түшүнүктүү болсун. Улуу жаратканыбыз чын көңүлдөн кылынган дубаларды жактырат жана кабыл кылат. Раббибиз айтылган сөздөргө эмес, кулунун жүрөгүндөгү оргуштаган тунук сезимине жана сөздөрүнүн чын ыкластан айтылып айтылбагандыгына карайт.

Дубаларыбызды үн чыгарып окуунун да кажети жок. Кудуреттүү Алла таала көңүлүбүздү сыдырып өткөн бардык купуя нерселерибизди билет. Өзүбүзгө угула турганчалык акырын үн менен дуба кылсак болот.

Дуба кылып жатканда жаратканыбыздан жакшы нерселерди тилейли. Биз улууларыбыздан бир нерсе сурап жатканда кандай ыйбаа кылып адептүүлүк көрсөтсөк андан да жакшысын улуу кудуреттүү Алладан бир нерсе тилеп жатканда көрсөтөлү. Андан өзгөчө бир урмат-сыйга толгон ысык

мамиле менен бир нерсе сурайлы. Аны сурап жатканда акырет жыргалчылыгын да кошо сураганды унутпайлы. Себеби, акырет биздин түбөлүк жашай турган жайыбыз. Ал жайдагы жыргалчылыгыбыз биз үчүн өтө маанилүү. Анан да жакшылык жана сулуулуктарды жеке өзүбүз гана үчүн эмес бүткүл адамзаты үчүн тилейли.

## *Пайгамбарыбыздын жашоосунда дуба*

Сүйүктүү пайгамбарыбыздын жашоосунда дубанын абдан маанилүү бир орду бар. Ал дуба кылууну жана улуу жаратканга жалбарганды абдан жакшы көрчү. Ар бир ишти дуба кылуу менен баштаар эле. Айланасындагы мусулмандарга да көп-көп дуба кылууларын, дуба кылбай туруп кандайдыр бир ишти баштабоолорун айтчу.



Ал бир эле өзү үчүн дуба кылбастан, бүтүндөй адам коомунун күнөөлөрдөн арылышы үчүн дуба кылчу. Мусулмандардын бул дүйнөдө жана акыретте жыргалчылыкка жетиши үчүн айрыкча намаздан кийин дуба кылар эле жана эң баалуу дубалардын “адамдардын бири-бирилери үчүн окуган дубалары” экендигин баса белгилечү. Андыктан, биз да жакшы көргөндөрүбүз үчүн дуба кылганды унутпайлы.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз күндөлүк турмушунда төмөндөгүдөй дуба кылчу.

Үйүнөн жана мечиттен чыгарда же аларга кирип келе жатканда өзүн жакшылык жана сулуулуктар коштоосу үчүн дуба кылчу. Аялы жана балдары үчүн дуба кылганды унутчу эмес. Аларды улуу кудуреттүү Аллага аманат кылчу. Жолго чыгарда сапарынын байсалдуу болушу үчүн дуба окуур эле. Сапардан кайтып келе жатканда болсо үй-бүлөсүн сак-саламат көрүшү үчүн жаратканга дуба кылчу. Ошондой эле бир жакын жолдошу алыс жолго чыга турган болсо колун кармап кучактап, сапарынын байсалдуу болушун тилеп, Аллага дуба кылып, жакшы тилектер менен узатчу.

Бир ишти баштаганда ал иштин эч бир кыйынчылыкка туш болбой оңой бүтүшү үчүн тилек кылчу. Жолдоштору



менен кандайдыр бир чогулуш же маек өткөрөрдөн мурун анын жакшы өтүшү үчүн жаратканга жалбарар эле. Ал эми чогулуш аяктаганда, чогулуш учурунда байкоосуздуктан болгон кандайдыр бир жаңылыштыктар үчүн Алла тааладан кечирим сурап дуба кылчу.

Дүкөнгө барганда иштеринин үзүрлүү болушун тилеп, дүкөнчүлөр үчүн дуба окуур эле.

Ал балдарды абдан сүйчү. Ата-энелер балдары төрөлөрү менен сүйүктүү пайгамбарыбызга дуба окуттуруш үчүн алып келишчү. Пайгамбарыбыз да жаңы төрөлгөн ымыркайды кучагына алып сүйүп-жыттап, анын узун өмүрлүү жана жакшы адам болушу үчүн дуба окучу. Ал ооругу-сыркоого кабылып оор абалда жаткан мусулмандарды зыярат кылып, алардын тезирээк айыгып кетиши үчүн Алладан шыпаа тилеп дуба кылчу. Тамактан мурун жана кийин дуба кылуу анын адаты эле. Өзгөчө, тамак-аш мол, берекелүү болуп ачарчылык болбошу үчүн дуба кылчу. Жаздыкка башын коюп жатар алдында да дуба кылганды унутчу эмес. Ихлас, Фелак жана Нас сүрөлөрүн окуп, кудуреттүү Аллага тооп кылып, бейпилдик ичинде уктап ойгонууну тилечү. Ойгонгондо болсо тынч уктап, жакшы эс алгандыгы үчүн жаратканга ыраазычылык билдирип ырахмат айтчу. Жамгыр жаабай калганда өлкөсүнүн айдоо жерлеринин берекеттүү болушу жана жан-жаныбарлардын суусуз калбашы үчүн дуба кылчу. Жер титирөө, сел каптоо сыяктуу табигый кырсыктардан, ар кандай жамандыктардан жана айттырбай келген жоодон сакта деп Алладан тиленчү.



Биз Аллага дуба кылууну пайгамбарыбыздан үйрөндүк. Андыктан, биз да ал үйрөткөндөй дуба кылабыз.

## *Тескери дуба окуудан оолак болгула*

Улуу Ислам динибиз башкалар тууралуу жаман ойлоп, аларга жамандык каалоону жактырбайт. Кудуреттүү Алла таала “Алла башыңа балээ берсин, Алланын каарына кал, Алла көзүңдү көр кылсын” деген өңдүү тескери дубаларды

эч качан жакшы көрбөйт. Ошондуктан, сүйгөндөрүбүздөй эле сүйбөгөндөрүбүздүн да жакшы болушун каалашыбыз керек. Ушуну унутпайлы, сүйүктүү пайгамбарыбыз ырайымдуулуктун пайгамбары.

Дуба кылууда сүйүктүү пайгамбарыбыздан үлгү алалы. Ал Меккедеги кезинде Исламды таанытуу үчүн Таифке барат. Бирок ал жерден күтүлбөгөндөй терс мамилеге туш болот. Кайра кайтканда ташкалакка алынып, касиеттүү буттары канап жараланат. Ошол учурда Алла таала “аларга карата окуган терс дубаларынын кабыл боloорун, кааласа аларды түп орду менен жок кыларын” билдирген кабар келет. Бирок пайгамбарыбыз: “Балким, булардын тукумунан Сага ибадат кылган балдар төрөлөт, Аллахым”- деп терс дуба кылбайт. Ухуд согушунда тишин сындырып, жүзүн жаралаган душмандары үчүн: “Аллахым, коомчулугумду туура жолго сал. Анткени, алар эмне кылып жатышканын өздөрү да билишпейт,” – деп дуба кылат.



Биз сүйүктүү пайгамбарыбыздан үлгү алып, ага ылайык иш кылганыбызда, адамдарга ар дайым жакшылык тилеген адам болобуз. Башка бирөөлөр бизге жамандык жасаса да, анын жакшы адам болушу жана жамандыктарынан арылышы үчүн дуба кылабыз. Өтө жаман абалдарда деле оозубуздан жаман сөз чыкпайт. Жаман бирөөлөрдүн жакшы болушуна, күнөөсүнүн Алла тарабынан кечирилишине себепкер болобуз. Себеби ал бирөөлөргө сый көрсөтөт. Тообо кылбаган, жасаган жамандыктарына өкүнбөгөн жана аны кайталаган адамдарды болсо жазалайт. Андыктан, жаман адамдардын жамандыктардан арылып, жакшы адам болушу үчүн дуба кылалы. Алакандарыбызды ачып бул дүйнөдө жамандар жана жамандыктардын көбөйбөшү үчүн Аллага жалбаралы. Жаратканыбыздан дүйнөбүздүн сүйүү мээримине бөлөнгөн бейкут дүйнөгө айланышын тилейли.

## *Окуйлу...*

## УШУНДАЙ БОЛ, УШИНТИП АЙТ

(...)
Оболу “быссымылда”
Эң сонун сөз ушул да.

О, Жараткан Аллам,
Жолуңда мен да барам
Колумду кармабасаң
Жыгылам, жаза басам.

О, Жараткан Аллам,
Жараттың мени неге
Жүрөгүм билсин сүйлө
Ачылсын жолум ылдам.

О, Жараткан Аллам,
Жарк эткен нурларыңдай
Сүйүктүү кулдарыңдай
Сулуулук бергин мага.



О, Жараткан Аллам,
Ошол эң сулуу пендең
Не жакшылык тиледи сенден
Тилейин мен да андан.

О, Жараткан Аллам,
Сүйүктүү пайгамбарым
Эмнеден качса ар дайым
Алыс кыл мени алардан.

О, Жараткан Аллам,
Ушул улуу жолуңда
Узун тарых соңунда
Чарасыз таштап салба.

*Жахит Зарифоглу*






## СЕН УГАСЫҢ

Шыбыр-шубур үндөрдү
Жүрөк черткен күүлөрдү
Көөдөндөн чыккан демди
Сен угасың, о Аллам.

Күндүн күркүрөгөнүн
Суунун шаркыраганын
Дубасын бардык жандын
Сен угасың, о Аллам.

Үндөрүн аарылардын
Куштардын сайраганын
“Алласын” бир баланын
Сен угасың, о Аллам.

*М. Яшар Кандемир*



ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ЫЙЫК КУРАНДАГЫ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ДУБАЛАРЫНАН

*“Мага дуба кылгыла, (кылган) дубаларыңарга жооп кайтарайын.”*

(Момундар сүрөсү, 60-аят)



## *Ыйык Курандагы дуба үлгүлөрү*

Улуу кудурет ээси кантип дуба кылышыбыз керектигин ыйык Куранда көрсөткөн. Пайгамбарлардын, момун кулдарынын, адилетсиздикке кабылган чарасыз адамдардын кылган дубаларынан үлгүлөр берген.

Ыйык Курандын эң биринчи сүрөсү болгон Фатиха сүрөсүнүн өзү эле эң сонун дуба болуп саналат. Калган башка сүрөлөрдө да дубалар бар. Раббибиз булар аркылуу жалгыз гана өзүбүз үчүн эмес, башкалар үчүн да дуба кылышыбызды каалайт.

## *Кандайдыр бир ишти же сөздү баштаарда кылына турган дуба – Бисмилла*

Биз Алланын бар жана жалгыз экендигине ишенебиз. Бизге чексиз ырыскы ыроологондугу үчүн Аны абдан сүйөбүз. Ага сүйүүбүздү жана берилгендигибизди көрсөтүү үчүн бардык ишти Анын аты менен, б.а. Бисмилла дубасын

*“Дуба – ибадаттын өзөгү.”*
(Тирмизи, “Дуа”, 1)



окуп анан баштайбыз. Бисмилла дубасы – “ Бисмиллаахир-рахмаанир-рахиим” сөзү. Бул сөз “Мээримдүү жана ырайымдуу Алланын ысымы менен” деген маанини түшүндүрөт. Бисмилла сөзү да бул дубанын кыскартылып айтылышы болуп саналат. “Алланын ысымы менен” баштайм дегенди туюндурат.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз “бисмилласыз” башталган бир иштин ийгиликке жетпешин, желген тамактын да берекетсиз болорун айткан. Андыктан, күндөлүк турмушубузда бир ишти бисмилла деп баштайбыз. Мисалга алсак, жолго чыгаарда, дүкөнүбүздү ачарда, экзаменге кирерде, дасторконго отурганда, уктаар алдында, ойгонуп турарда бисмилла дейбиз. Ушундан улам Алла таалага төмөндөгүдөй дуба кылган болобуз:

“Жараткан Аллам, жандуу-жансыз бардык нерсени жараткан, баккан, чоңойтуп-өстүргөн, коргоп-колдогон Өзүңсүң. Мени жараткан жана жашаткан да Сенсиң. Мага акыл-эс жана күч-кубат берген да Сенсиң. Бирок менин күчүм бардык нерсеге жетпейт. Сенин атыңды эстөө мага дем-күч берет, ишимди жеңилдетет. Ошон үчүн мен кылар ишимди ар дайым Сенин ысымыңды эстөө менен баштайм. Мага жардам бер. Сенин бардык нерсеге күчүң жетет”

Бисмилла кайсы гана каалганы болбосун ачкан ачкыч сымал ар бир иштин башталышында ошол ишке таасир берет, жеңилдик жана берекет кошот. Бир ишти Алланын атын эстөө менен баштаганыбызда Алла да бизге көмөкчү болот жана ишибиздин жеңилдешин камсыз кылат. Бисмилла деп айтуу менен биз Алланы эстеп ага ишенгендигибизди, Анын кулу экендигибизди жана Андан жардам күткөндүгүбүздү билдирген болобуз. Себеби биз Алланын жардамы болбостон эч бир ишти ийгиликтүү бүтүрө албашыбызды билебиз. Бисмилла аркылуу Аллага болгон ишенимибизди жана сүйүүбүздү арттырабыз жана Анын ар дайым биз менен бирге экендигин сезебиз.

Ар күн таң эртеңден биз үчүн жаңы бир күн башталат. Ушул жаңы күндө жуурканыбыздан туруп жатып бизди жаңы бир күндүн нуру менен ойготкон Жаратканыбыздын

атын эстесек, тынч жаткан көл үстүнө таш ыргытканда таш түшкөн жердин айланасына тегиз жайылган майда толкундар өңдүү ошол күнүбүзгө толугу менен таасир тийгизип көңүлдүү жана бейпилчилик ичинде өтөт. Бисмилла айтууда ошол эле учурда "Кудуреттүү Аллам, Сен берген күч менен Сен жараткан жаңы бир күндүн жашоосун баштап жатам. Ушул жаңы күндү баштап жатып Сени эстөөдөмүн. Сага баш калкалап Сенден жардам күтөм. Мени бар балээлерден корго жана жакшылыктарга жанаштыр. Жаңы күнүм жакшылыктарга бай күн болсун," – деген маани жатат.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз мындай деп буюрган: "Ким эгер үйүнөн чыгып баратып бисмилла деп Алланын атын эстеп анан "Аллага ишендим, жамандыктардан коргоочу жана жакшылыктарга жеткирүүчү күч-кубат Алла тааладан" десе, ага төмөнкүдөй жооп кайтарылат: "Туура жолго түштүң, муктаждыктарың камсыз кылынды жана жамандыктардан оолак болдуң" (Эбу Давуд, "Эдеп" 103).

Дасторконго отурганда да бисмилланы унутпайлы. Анткени, отурган дасторконубуздан Алланын бизге ыроологон ар түркүн ырыскыларын көрөбүз. Бисмилла келтирүү аркылуу биз ошол дасторконубуздагы ар бир тамак, ар бир сындырым нан үчүн улуу кудуретке ырахмат айтып ыраазычылык билдирген болобуз. Ырыскылардын ээси Алла экендигин эстеп шүгүрчүлүк кылып сүйүүбүздү билдиребиз. Шүгүрчүлүк кылгандыгыбыз үчүн жүрөгүбүз нурга толот. Себеби, Алла таала ыйык Куранда "Мени эстегиле, мен силерди эстейин. Мага шүгүрчүлүк кылгыла, асти жакшылыкты билбеген аңкоо болбогула" – деп буюрган (Бакара сүрөсү, 152-аят).

Ар бир күн Алланын аты менен башталат. Күн ичиндеги болгон бардык окуялар Алланын аты менен башталат жана анын аты менен аяктайт. Күн менен түн алмашат. Жанбүткөндүн бардыгын бир жабуу сыяктуу чулгаган караңгы түндү Раббибиз жакшы эс алып, эртеңки күнгө жаңы бир дем-күч менен даяр болушубуз үчүн жараткан. Алланын бизге берген башка ырыскыларын колдонордо кандай Анын

*"(Оо, Мухаммед!) Пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, чынында эле Менин аларга абдан жакын экендигимди билишсин. Мага дуба кылышканда дуба кылгандардын дубасына жооп кайтарам. Андыктан, акыйкат жолду табуулары үчүн Менин чакырыгыма моюн сунушсун, Мага ыйман келтиришсин."*

(Бакара сүрөсү, 186-аят)



атын эстеп дуба кылсак, уйку ырыскысынан пайдаланыш үчүн да ошолордой эле бисмилла деп баштайбыз. Ушундайча эртең менен бисмилла деп турган төшөгүбүзгө жатар маалы келгенде кайра бисмилла деп киребиз да, биз да сүйүктүү пайгамбарыбыз өңдүү "Оо Аллам, Сенин ысымың менен уктап, Сенин атың менен ойгоном" деп туруп, анан таттуу уйкуга батабыз.

*"Раббиңерге жалбаруу менен (чын дилиңерден) купуя дуба кылгыла."*

(Аьрааф сүрөсү, 55-аят)

## *Түбөлүк жашоо үчүн ачылган каалга – Фаатиха сүрөсү*

Фаатиха сөзү ачылыш, башталгыч деген маанини түшүндүрөт. Ыйык Курандын алгачкы бетин ачканыбызда көзүбүзгө чалдыккан биринчи сүрө – Фаатиха сүрөсү. Ал – ыйык Курандын өзү жана өзөгү, Алла үчүн окулган абдан күчтүү дуба, өтө таасирдүү тилек. Фаатиха сүрөсүн окуу менен ар дайым Аллага дуба кыла алабыз. Ыйык Куран окулгандан кийин, дубанын аягында, өлгөндөргө арнап же намаз окуп жатканда ар бир иректеттин башталышында Фаатиха сүрөсүн окуйбуз. Сүрөнүн акырында болсо "Кабыл кыл, Алла таалам" деген маанидеги "Оомийин" сөзүн айтып бата кылабыз.



## *Фаатиха сүрөсүнүн аяттары*

"Мээримдүү жана ырайымдуу Алланын ысымы менен. Алкоо-мактоолор бүткүл ааламдар эгэси болгон Алла үчүн. Ал – мээримдүү жана ырайымдуу. Сыйлык жана жаза берүүчү (Кыямат) күндүн жалгыз Эгеси. Оо жараткан Аллам, Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз. Бизди казапка кабылып, акыйкат жолундан адашкандардын жолуна эмес ак жолундан тайдырбай, ырыскыңа жеткиргендериңдин жолуна сал!"

Ааламды жана андагы жаралгандардын бардыгын, жылдыздарды, планеталарды, айды жана күндү жараткан Алла. Ал – акыл-сезимибиз аркылуу билген жана билбеген,

*“Бисмилла менен башталбаган бардык иш – берекесиз.”*

(Бейхаки, Сүнен, III/209)



көзүбүз аркылуу көрө алган жана көрө албаган бардык нерсенин жаратуучусу. Жараткандарын да эң сонун кылып жараткан.

Алла жараткандарынын ар бирине бир милдет берген жана ал милдеттердин эч кемчиликсиз түрдө аткарылышын каалаган жана аларды Раб ысымы менен тарбиялаган. Мисал келтирсек, бир наристе жаңы төрөлгөн абалындагыдай калганда сүйлөй алмак эмес, күлө албайт, баса албайт, чоңоё албайт болчу. Ошол наристеге ушулардын баарын үйрөткөн; сүйлөткөн, күлдүргөн, бастырган, чоңойткон – Алла. Канаттуу куштарга учканды, жибек куртка жибек токуганды, аарыга бал чыгарганды, жерге күндүн тегерегинде айланганды үйрөткөн да – Алла. Бардык жандар өз тилинде ааламдардын кудуреттүү ээси болгон Аллага рахмат айтышып, Аны мактап даңазалашат. Андыктан, жаратылгандардын эң даражалуусу болгон адам уулу да жаратканын эң сонун зыяпат менен эстеши керек.

Алла таала – эбегейсиз мээримдин ээси (рахман). Анын мээрими – жандуу-жансыз бардык нерсени өз кучагына алган, жараткандарынын бардыгы жөнүндө кайырдуулук, маркамат жана жакшылык тилеген, сүйгөндөрү менен сүйбөгөндөрүн айырбастан чексиз ырыскыларды ыроологон мээрим.

Алла таала – чексиз ырайымдын ээси (рахим). Анын ырайымы – акыретте бир гана момундарды кучагына алган, ыроологон ырыскыларынын баркын билип туура колдонгондорго андан да көп жана түбөлүк ырыс-кешик ыроолоп сыйлаган ырайым.

Жашоону да, өлүмдү да берген – Алла. Бардык жандуулар бул дүйнөгө келишет, жашашат жана өлүшөт. Жаз мезгилинен кыш мезгилине чейинки өзгөргөн мезгилдер бизге төрөлгөндөн тартып өмүрүбүздүн акырына чейинки жашоо көчүбүздүн сапарын көргөзгөндөй туюлат. Жазда жашыл тукаба жамынып, жанданып, кулпуруп турган табият эне кыш келгенде кудум эле кепин сымал аппак жабуунун алдында кыймылсыз көшүлө калат.

Бардык жан-жаныбарлар өңдүү эле адамдар да өлүмгө моюн сунушат. Бирок өлүм өмүрдүн акыры эмес, жаңы жана өзгөчө бир жашоонун башталгычы болуп эсептелет. Бул дүйнө үчүн көзүбүздү жумдурган өлүм ошол эле мезгилде бир башка жашоо, акырет жашоосу үчүн көзүбүздү ачат. Ал жерде алды менен ар бир нерсенин эсеби суралат. Бул дүйнөдөгү жасаган бардык жаңылыштыктарыбыз жана сооптуу иштерибиз атайын тизмеленип жазылып тиркелген дептерче менен бирге алдыбызга коюлат.

Бул дүйнө жашоосу – акырет күнү үчүн даярдык мезгили. Бул дүйнөдөгү жасаган иштерибиз акыретте жолубузга жарык берген нур болуп үстүбүздөн төгүлөт, же жолубузду каптаган кара түн болуп үстүбүзгө көмүлөт. Мына ошол жан бүткөндүн бардыгы эсеп берүүчү күн – ааламдардын кудуреттүү ээси болгон Аллага жетүүчү күн.

Раббибиз эмне максат менен жаратылгандыгыбызды мындайча билдирет: “Адамдарды бир гана Мага сыйынышсын деп жараттым.” (Зарият сүрөсү, 56-аят) Биз да жараталган максатыбызды орундатуу жана түбөлүк бак-таалайга жетүү үчүн Аллага ибаадат кылып, алакан жайып дуба окуп жалбарабыз. Алла кулунун кыйынчылыкка туш болуп, кайгы-муңга батып карайлап калышын каалабайт. Ошондой болсо да, бул дүйнө бир сыноо жайы болгондуктан кез-кез ар кандай кыйынчылыктарга кабылабыз. Андай учурларда Жаратканыбыздын жардам бериши үчүн андан алакан жайып, жардам сурап жалбарышыбыз керек. Себеби, Алла – Ага ишенген, ар дайым Ага баш калкалаган адамдардын жардамчысы. Алла таала адамдарды туура жолго түшүрүү үчүн пайгамбарларды жана китептерди жөнөттү. Биздин милдетибиз – акыркы пайгамбар азирети Мухаммедден (с.а.в.) үлгү алуу жана ага жиберилген ыйык Куран китебин окуу. Мына ошондо гана биз аяттагы белгиленген туура жолго түшкөн болобуз.

Өздөрүнө ырыскы буюргандар Аллага ал ырыскылары үчүн ыраазычылыктарын билдирип шүгүр кылышып өз милдетин орундатышат. Алар – пайгамбарлар, шейиттер, жаса-

*“Эң сонун ысымдар Алланыкы. Ага ошол сонун ысымдары менен дуба кылгыла.”*

(Аьрааф сүрөсү, 180-аят)



*“Оо Аллам, Сени сүйүүнү, Сенин сүйгөндөрүңдү сүйүүнү жана сүйүүңө жеткирүүчү иштерди насип кылууңду Сенден тилейм. Оо Аллам, (Сага болгон) сүйүүмдү напсимден, үй-бүлөмдөн жана муздак суудан да артык кыл.”*

(Тирмизи, “Дуа”, 73)

ган иштери, жараткан чыгармалары менен адамдарга үлгү болушкан чыгаан инсандар.

Ал эми каргашага кабылгандар болсо анын өкүм жана тыюуларына маани беришпейт жана берген ырыскылары жөнүндө ой жүгүртүп алар үчүн шүгүрчүлүк кылышпайт. Ал тургай ал кылгандары үчүн өкүнүшүп, Алладан кечирим сурап да коюшпайт. Ошондой жакшылыкты билбеген жайыл болушкандыктары үчүн Алланын казабына кабылышып, Ак жолунан адашышкан. Андыктан, биз да алардын абалына түшпөс үчүн жүрүш-турушубузга көңүл бөлүп, Жаратканыбызга “Бизди казабыңа кабылып туура жолуңдан чыккандардын жолуна түшүрбө!”- деп дуба кылабыз.

## *Алланын ысымдары менен дуба кылуу*

Дуба каалоо-тилек жана зарылдыктарыбызды Аллага билдирүү менен кошо эле Алланы эске салуу жана аны даңазалоонун бир жолу болуп эсептелет. “Алланын ажайып сонун ысымдары бар. Ага ошол ысымдары менен дуба кылгыла” (Аьрааф сүрөсү, 180-аят). Ыйык Куранда жана өзгөчө пайгамбарыбыздын дубаларында Раббибиз ошол ысымдары менен бирге даңазаланат.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз бир хадисинде улуу кудуреттүү Алланын 99 ысымы бар экендигин жана ал ысымдарга ынап, ага ылайык мамиле кылгандардын бейишке чыгары тууралуу кабар берген. Албетте, Алланын ысымы 99 менен гана чектелип калбайт. Хадисте 99 санынын айтылышы кандайдыр бир чектөө маанисинде эмес, ал ысымдардын ичинен эң көп билингендеринин саны менен байланыштуу болсо керек.

Дуба кылып жатканда Алланын бул ысымдарын да колдонсок болот. Рахман ысымы менен бизге мээримин төгүп боору оорушун, Раззак ысымы менен ырыскыбыздын берекетин арттырышын, Тевваб ысымы менен келтирген тооболорубуздун кабыл алышын, Ведуд ысымы менен бизди сүйүшүн жана башкалар тарабынан сүйүлүшүбүздү тилеп дуба кылсак болот.



*“Оо Жараткан, Өзүң бизди туура жолго салганыңдан кийин дилибизди бузба жана бизге Өз даргөйүңдөн ырайым, мээрим тартуула. Албетте, Сен гана (бардык жакшылыктарды) тартуулоочусуң.”*

(Аали Имран сүрөсү, 8-аят)



## *Эң улук дуба – Аятүл күрси*

Сүйүктүү пайгамбарыбыз “Ар бир нерсенин туу чокусу бар. Курандын (сүрөлөрүнүн) туу чокусу – Бакара сүрөсү. Анын ичинде аяттардын артыгы болгон бир аят бар. Ал – Аятүл күрси,” (Тирмизи, “Севабуъл Куръан”, 2) деп буюрган.

Аятүл күрсинин мааниси төмөндөгүдөй:

“Ал – Алла (жалгыз). Андан башка теңир жок. Ал – тирүүлүктүн жана түбөлүктүүлүктүн (ээси). Аны уйку да баспайт, үргүлөбөйт да. Асмандардагы жана Жердеги бардык нерсе Аныкы. Анын алдында, анын уруксатысыз эч ким (бирөөнү) колдой албайт. Ал кулдарынын эмне кылгандыктарын жана эмне кылышарын билет. Адамдар Анын илиминен Ал өзү билдиргендерден башка эч нерсени биле алышпайт. Анын күрсүсү (макамы) асмандарды жана жерди өз ичине алат. Аларды коргоп, сактап туруу аны эч кыйнабайт. Ал – өтө жогору жана өтө улук.” (Бакара сүрөсү, 255-аят)

Жогоруда белгиленгендей, Аятүл күрсиде Алланын улуулугу, сыпаттары, ааламдагы бардык кубулуш, окуялардын толугу менен Анын эрки боюнча болуп жаткандыгы, Анын каалоосу жана уруксатысыз эч кимдин кимдир бирөөнү колдой албастыгы, асмандарда жана жердеги бардык нерселердин Ага таандык экендиги тууралуу маалымат берилет.

Алла ысымы бир гана Раббибизге таандык энчилүү ат экендигин Аятүл күрсиден үйрөнөбүз. Алланы бизге тааныткан канчалаган ысым жана өзгөчөлүк бар болсо, алардын баары биригип келип бизге берген түшүнүктү Алла ысымы өз алдынча да бере алат. Алла жөнүндө билиниши зарыл болгон эң алгачкы нерсени Аятүл күрси бизге мындайча үйрөтөт: “Лаа-илаахе-иллаллах”. Бул сөз тевхид келмеси болуп эсептелет. Мааниси: “Алла бирөө гана, анын түгөйү, окшошу жана ортогу жок. Андан башка теңир да жок.”

Ал – тирүүлүктүн (Хайй) жана түбөлүктүүлүктүн (Кайюм) ээси. Хайй ысымы менен жан бүткөндүн бардыгына Өзү жашоо берген. Анткени, жашоонун ээси – Ал. Ар бир нерсе-

нин акыры бар, ал эми Алла болсо түбөлүктүү. Бардык жандуу өлөт, ал эми Алла өлбөс. Кайюм ысымы менен жаратკандарын коргоп колдойт. Бардык жандар жашаш үчүн Аллага муктаж. Алла болсо эч кимге муктаж эмес. Бардык нерсе Анын коргоп колдоосу менен жашоосун улантышат.

Алла буга дейре кылган жана болочокто кыла турган иштерибиздин бардыгын билет. Эч бир нерсе Ага жашыруун эмес. Ал – аалым. Бардык нерсени билген өзгөчө кудуретке ээ. Көңүлүбүздү талпынткан купуя үмүт-кыялдарыбызды да Андан жашырып жаба албайбыз. Биз болсо Ал тууралуу Өзү каалаганынчалык гана үйрөнө алабыз. Анын күрсүсү (макамы) асмандарда жана жерде болгон бардык нерсени өз кучагына алган. Бардык нерсе Ага баш иет. Себеби, Ал – өтө жогору жана өтө улук.

*“Оо Жараткан, биз Сага ыйман келтиргенбиз, эми күнөөлөрүбүздү Өзүң кечир жана бизди тозок отунун азабынан сакта.”*
(Аали Имран сүрөсү, 16-аят)

## *Мираждан келген белек, же Бакара сүрөсүнүн акыркы аяттары*

Аменер-Расүлү деп билинген бул аяттар сүйүктүү пайгамбарыбызга Мираж керемети учурунда түшүрүлгөн Бакара сүрөсүнүн 285-286-аяттары болуп саналат. Бул аяттардын акырында окулган дуба болсо төмөндөгүдөй:

“Оо Жараткан, эгер унуткан же ката кылган болсок, бизди азабыңа кириптер кылба! Оо Жараткан, биздин үстүбүзгө бизден мурунку өткөндөрдүн мойнуна койгон жүгүндү жүктөбө! Оо Жараткан, бизди чамабыз жетпей турган нерсеге зордобо! Бизди кечир, күнөөлөрүбүздү кеч жана бизге ырайым кыл. Сен биздин Раббибизсиң. Каапырлардын коомуна каршы (күрөштө) бизге жардам бер!”

## *Раббена дубалары*

Ар күн беш маал окуган намаздарыбыздын артынан раббена дубаларын окуйбуз. Бул дубалар аркылуу Алладан төмөндөгүдөй тилек тилейбиз: “Оо Алла таалам, бизге бу





дүйнөдө да, акыретте да жакшылык бер жана бизди тозок отунун азабынан сакта!” (Бакара сүрөсү, 201-аят)

“Оо Жаратканым, эсеп-китеп боло турган (Кыямат) күнү мени, ата-энемди жана жалпы момундарды кечире көр” (Ибрахим сүрөсү, 41-аят).

*“Раббим, кичинемден ата-энем мени тарбиялап өстүрүшкөндөй Сен да аларга ырайым кыл.”*

(Ал Исра сүрөсү, 24-аят)

## *Дуба катары Ихлас, Фалак жана Ан-наас сүрөлөрү*

Ихлас, Фалак жана Ан-наас сүрөлөрүн дуба катары да окуйбуз. Бул сүрөлөрдүн мааниси төмөндөгүдөй:

“(Эй Мухаммед) айткын: Ал – Алла бир. Бардык нерсе (бул дүйнөдө) бар болгондугу үчүн Ага карыздар, Ага муктаж. Ал эч кимге муктаж эмес. Ал туубаган жана туулбаган. Эч ким ал Затка теңдеш эмес.”



“(Эй Мухаммед) айткын: Таң Раббисинен Өзү жараткан нерселердин жамандыгынан, карангылыкка чүмкөнгөн түндүн жамандыгынан, түйүндөргө дем салуучу сыйкырчылардын жамандыгынан жана көрө албастык кылган көрө албастардын жамандыгынан (мени) сактоосун сураймын.”

“(Эй Мухаммед) айткын: Адамдар Алланы эстешкенде жүрөктөрүнө күмөн ойду жараткан, (анан) көмүскөгө чегинип жашырынып ала турган азгыруучу жин жана шайтандын жамандыгынан (улам) инсандардын Раббисине, инсандардын теңирине баш калкалайм.”

## *Намазда окулган дубалар*

### Сүбханеке дубасы

Сен ар кандай кемчиликтерден алыссың. Оо Алла таалам, мен Сени ар дайым мактап-даңктайм. Сенин ысымың ыйык. Мартабаң бардык нерседен жогору, даңкың бийик. Сенден башка теңир жок.

*“Оо Раббибиз, бизди жана бизден мурунку ыймандуу боордошторубуздун (күнөөлөрүн) кечиргин жана ыйман келтиргендерге карата жүрөктөрүбүздө эч кандай жаман ой-сезим калтырба. Оо Раббибиз, эч күмөнсүз, Сен чексиз мээримдүү жана ашкан ырайымдуусуң.”.*

(Хашр сүрөсү, 10-аят)



## Тахыйят дубасы

Тил, дене жана мал-мүлк аркылуу кылынган бардык ибадаттар – Алла үчүн. Андан башкалар үчүн ибадат кылынбайт. Оо пайгамбар, Алланын саламы, ырайымы жана берекети сени жалгасын. Бизге жана Алланын бардык момун кулдарына салам болсун. Мен Алладан башка теңирдин жок экендигине жана азирети Мухаммед анын кулу жана элчиси экендигине күбө боломун.

## Салли жана Баарик дубалары

Оо Алла таалам, Ибрагим пайгамбарга жана жакындарына ырайым кылганыңдай эле Мухаммедге жана анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Эч шексиз, мактоого татыктуу жана атак-даңктын ээси Сенсиң.

Оо Алла таалам, Ибрагим пайгамбарга жана жакындарына кайыр жана берекет бергениңдей эле Мухаммедге жана анын үй-бүлөсүнө да кайыр жана берекет бер. Эч шексиз, мактоого татыктуу жана атак-даңктын ээси Сенсиң.

## Кунут дубалары

Оо Алла таалам! Сенден жардам тилейбиз, күнөөлөрүбүздү кечирүүңдү суранабыз жана бизди туура жолго багыттташыңды каалайбыз. Сага ынанабыз, Сага тобо кылабыз жана бир гана Сага ишенебиз. Бизге берген бардык ырыскыларыңды билип, Сени кайрымың менен даңазалайбыз. Сага шүгүр кылабыз. Эч бир ырыскыңды танбайбыз жана аларды башкадан деп билбейбиз. Ырыскыларыңды танганды жана Сага каршы чыкканды карабайбыз.

Оо Алла таалам! Биз Сага гана кулдук урабыз. Намазды Сен үчүн гана окуп, Сен үчүн гана жайнамазга баш коёбуз. Бир гана Сени көздөй кол созуп, Сага жакындаткан нерселерге ээ болууга тырышабыз. Ибадаттарыңды кубаныч менен аткарабыз. Ырайымыңдын улана берүүсүн жана артышын

тилейбиз. Азабыңдан коркобуз. Сенин азабыңдын каапырларга жана ишенимсиздерге жетери шексиз.

## *Жолубузга жарык чачкан пайгамбарлардын дубалары*

Адамдарга туура жолду көрсөтүү үчүн жиберилген пайгамбарлар дуба кылуу боюнча да аларга үлгү болушкан. Ушул сонун дубаларды жаттап алып, биз да Раббибизге пайгамбарлар сыяктуу дуба кылсак болот.

### Азирети Адам менен Обонун дубасы

Азирети Адам менен Обо жержүзүнө жөнөтүлгөндө кетирген катачылыктарынан улам көзжаштарын төгүшүп, төмөнкүдөй дуба кылышкан:

"Раббибиз! Биз өзүбүзгө кыянаттык кылдык. Эгер бизге кечирим жана ырайым кылбасаң, албетте, биз зыян көрүүчүлөрдөн болуп калабыз" (Аъраф сүрөсү, 23-аят).

### Азирети Нухтун дубасы

"Оо Раббим, мен жеңилип калдым. (Мага) Өзүң жардам кылгын" (Камар сүрөсү, 10-аят).

"Сен жөнүндө анык билбеген нерсени суроо менен Сага баш калкалайм. Эми эгер мени Өз мээримиңе бөлөбөсөң бардык нерсесин жоготкон (зыян көрүүчүлөрдөн) болуп каламын" (Худ сүрөсү, 47-аят).

### Азирети Ибрагимдин дубасы

Бүгүнкү күндө миллиондогон инсан ажылык жана умра ибадатын орундатуу үчүн зыярат кылган Каабаны азирети Ибрагим жана анын уулу азирети Ысмайыл мындан миңдеген жылдар мурда Алланын вахийине байланыштуу курушкан жана акырында мындайча дуба кылышкан:

*"Оо Раббибиз, жалгыз Өзүңө таяндык жана Өзүңө кайтып тобо-зар кылдык. Жалгыз Сага гана кайтуубуз бар. Оо Раббибиз, бизди Сенден баш тарткандардын кыянатына кабылтпа. Бизди (күнөөлөрүбүздү) кечир. Оо Раббибиз, эбегейсиз кудурет-күчтүн жана өкүм-билимдин эгесисиң."*


(Мумтахана сүрөсү, 4-5 аяттар)



“Раббибиз! Бизден (ушул кылган ишибизди) кабыл кыл. Албетте, Сен кудуретиң менен угуучу, билүүчүсүң” (Бакара сүрөсү, 127-аят).

Азирети Ибрагимдин окуган башка төмөндөгүдөй дубалары да бар:

“Раббибиз, бизди Өзүңө баш ийүүчүлөрдөн кылгын жана урпактарыбызды да Өзүңө моюн суна турган кишилер кылып чыгара көр. Бизге ибадат жайларын жана жол-жоболорун көргөз. Тооболорубузду кабыл кыл. Анткени, Сен тооболорубузду кабыл кылуучусуң жана өтө ырайымдуусуң.



Раббибиз, алардын арасына өздөрүнөн болгон, аларга аяттарыңды окуп бере турган, китеп жана хикматты (Куран жана хадисти) үйрөтө турган, аларды (күнөөлөрдөн) арууланта турган бир пайгамбар жибер. Албетте, Сен чыныгы кудурет жана данакерликтин эгесисиң” (Бакара сүрөсү, 128-129 аят).

Раббибиз! Мен урпактарымын айрымдарын Сенин ыйык үйүң болгон Каабанын жанындагы эгин өспөй турган бир өрөөнгө жайгаштырдым. Оо Раббибиз, намазды толук аткарышсын деп ушундай кылдым. Анан Сен адамдардын дилдерин аларга оодуруп койгун жана аларга (бардык) мөмөлөрүндөн ырыскы буюр. Балким шүгүр кылышар.

Оо Раббибиз! Албетте, Сен биз жашырган нерсени да, ашкере кылган нерсени да билесиң. Жер менен асмандагы бир да нерсе Алла үчүн жашыруун эмес.

Мага картайган чагымда Ысмайыл менен Исхакты тартуулаган Зат-Аллага алкыш, мактоолор болсун. Албетте, Раббим бардык дубаларды угуучу.

Раббим, мени жана менин урпагымдан болгон балдарымды намазды таштабай толук аткаргандардан кылгын. Оо Раббим, дубамды кабыл кыл.

Оо Раббим, эсеп-китеп боло турган (Кыямат) күнү мени, ата-энемди жана жалпы момундарды кечире көр (Ибрахим сүрөсү, 37-41 аяттар).

Оо Раббим, мага даанышмандык-илим бер жана мени

момун кулдарыңдын катарына кошкун. Жана да, мени менден кийин келгендер арасында акыйкаттык менен эскерилүүчүлөрдөн кыл. Ошондой эле, мени Наим бейишинин мурасчыларынан кыл. Атамды да кечиргин. Анткени, ал чындап эле Ак жолунан адашкандардан болду. (Кулдарың кайра) тириле турган күндө мени шермендe кылба. Ал күндө байлык-бийлик да, бала-чака да пайда бербейт. (Бир гана) Алланын алдына аруу дил менен келген кишилерге гана (пайдалуу болот) (Шуараа сүрөсү, 83-86 аяттар).

## Азирети Луттун дубасы



Ыйык Куранда күчтүү бийлик жана илим берилген пайгамбар катары баяндалган азирети Лут көптөгөн жылдар бою ак динин жайылтуунун аракетин кылган. Ал эми анын коому ага карабастан күнөө кылууларын уланта беришкенде: "Оо Раббим, мени жана үй-бүлөмдү алардын кылган ыпластактарынан куткар" (Шуараа сүрөсү, 169-аят). Жана да "Оо Раббим, ушул бүлдүргүч коом үстүнө Өзүң мени үстөм кыл,"- деп Аллага дуба кылган (Анкабут сүрөсү, 30-аят). Алла да анын бул дубасын кабыл кылган жана Алланын элчисине баш көтөргөн коомчулуктар чачылып-чабылып жок болушкан.

## Азирети Якуптун дубасы

"Мен күйүт-кайгыларымдан улам жалгыз Аллага гана арызданып ыйлап жатам" (Юсуф сүрөсү, 86-аят).

## Азирети Юсуфтун дубасы

Юсуф сүрөсүндө азирети Юсуфтун башынан өткөргөн окуялары баяндалат. Бул сүрөдө азирети Юсуфтун көргөн түшү, бир тууганадары тарабынан кудукка салынышы, жолдон өтүп бара жаткан кербенчилер тарабынан куткарылышы, Мисирдин увазирине кызмытчы катары сатылышы, ал жерден увазирдин аялынын ага ашык болуп калышы, зынданга салынышы, Мисир өкүмдарынын түшүн жоруу, ачарчылык

болушу жана бир туугандары менен жолугушуусу, анан аларды кечирүүсү жана атасы менен жолугушушу кеңири баяндалат. Андыктан, азирети Юсуфтун аңгемесинде дубанын эң сонун үлгүлөрү бар.

“Оо Раббим, чындап эле мага мүлк ыроолодуң жана түш жоруганды өйрөттүң. Оо асмандарды жана жерди жараткан Зат, дүйнө жана акыретте таянарым Өзүңсүң. Мусулман абалымда жанымды ал жана мени момун пенделериңдин катарына кош” (Юсуф сүрөсү, 101-аят).

## Азирети Аюптун дубасы



Азирети Аюп айыкпас дартка кабылып көп жыл азап чегет. Бирок ошол оор абалында өзүнүн чыдамдуулугу, темирдей бекем эрки менен бүтүндөй момундарга үлгү болгон. Анын сыңарындай, биз да бул дүйнө сыноосу кандай шартта жана канчага созулса созулсун башка түшкөн кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен көтөрүшүбүз керек жана Алладан үмүтүбүздү үзбөстөн акыры бир күнү ошол көрсөткөн чыдамкайлыгыбыздын акыбетин көрөрүбүздү билишибиз керек.

“Аюптун Раббисине добуш кылып: “Раббим, мени кырсык-балээ тооруду. Өзүң ырайым кылуучулардын ырайымдуусусуң,”- деп жалбарган чагын эстегин” (Анбия сүрөсү, 83-аят).

## Азирети Шуайптын дубасы

Медиен жана Эйке элине пайгамбар катары жиберилген азирети Шуайп ага ишенген тегерегиндеги момундар менен бирге жашаган жерлеринен куулуп чыгуу коркунучуна кириптер болду. Ушундан улам ал Аллага тообо кылып, төмөнкүдөй дуба окуду:

“Эгер Алла бизди силердин диниңерден куткаргандан кийин кайра ага кайтсак Аллага карата жалган-жалаа айткан болобуз. Биз үчүн Раббибиз Алланын каалоосу болбостон силердин динге кайтуу мүмкүн эмес. Раббибиз өз илими

менен бардык нерсени камтып алган. Биз бир гана Аллага тобокел кылдык (таяндык). Оо Раббибиз, биз менен коомубуз ортосунда акыйкат өкүм кыла көр. Анткени сен өкүм кылуучулардын эң кайрымдуусусуң” (Аърааф сүрөсү, 89-аят).

## Азирети Мусанын дубасы

“Оо, Раббим, мени жана агамды Өзүң кечире көр. Бизге ырайым кыл. Сен ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң” (Аърааф сүрөсү, 151-аят).

“Оо Раббим, бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылык бер. Себеби, биз Сага алпаруучу туура жолго багыт алдык” (Аърааф сүрөсү, 156-аят).



“Раббим, көңүлүмдү шай кыл, ишимди жеңилдет. Тилимдин байлоосун чеч (чулдур кылба), алар (коомум) сөзүмдү түшүнүшсүн” (Таахаа сүрөсү, 25-28 аяттар).

## Азирети Сулаймандын дубасы

“Оо Раббим, Өзүң мени кечиргин жана мага өзүмдөн кийин эч кимге ылайык көрүлбөгөн бир өкүмдарлык дөөлөт ырооло. Эч шексиз, эң көп ыроолоочу Зат – Өзүңсүң” (Сад сүрөсү, 35-аят).

“Оо Раббим, мени мага жана ата-энеме ыроологон ырыскыларыңа шүгүр кылууга жана Өзүң ыраазы боло турган жакшы иштерди гана кылууга багытта. Мени Өз ырайымың менен момун пенделериңдин арасына кошкун.” (Намл сүрөсү, 19-аят).

## Азирети Юнустун дубасы

“Сенден башка эч бир теңир жок. Сен бардык кемчиликтерден алыссың. Чындыгында мен өз жаныма жабыр кылуучулардан болуп калдым,”- (деген чагын эстегин). Биз да анын дубасын кабыл кылдык жана аны кайгы-кападан куткардык. Мына, биз момундарды ушундайча куткарабыз. (Анбия сүрөсү, 87-88 аят).

## Азирети Закариянын дубасы

Азирети Закария жашы улгайып карылыкка моюн сунуп калган чагында өзүнөн кийин коомчулугунун ыйман-ишенимин жоголбошу үчүн карылыгына карабастан балалуу болуусун тилеп Аллага дуба кылат:

“...Эстегин, ал Раббисине тымызын жалбарып дуба кылып мындай деген эле: Раббим, менин сөөк-муундарымдын бошогондугу чындык. (Карылыктан) сакал-чачым агарды. Сага дуба кылууда эч бир кемчилик кетирбедим. Чындыгында, менин артымда кала турган тууган-уруктарымдын (менин динимди жерип) моюн толгоолорунан коркуп жатам. Жубайым төрөбөс болуп калган. Эми Сен өз жаныңдан мага жана Якуптун бүлөөсүнө мураскор боло турган бир перзент тартуула жана аны Өзүң ыраазы боло турган момун пенделериңден кыл” (Мариям сүрөсү, 3-6 аяттар).



“Биз да анын дубасын кабыл кылдык жана ага Яхияны ыроолодук. Жубайын да төрөгөнгө жарактуу кылып койдук. Чындыгында эле алар кайырдуу иштер үчүн бири-биринен оозунуп шашылышчу, ырайымыбыздан үмүт кылышып, ал эми азабыбыздан коркушуп бизге дуба кылышчу. Алар Бизге терең урмат менен таазим кылган кишилер эле” (Анбия сүрөсү, 90-аят).

## Азирети Ыйсанын дубасы

“Алла таала кыямат күнү минтип айтат: “Оо Мариям уулу Ыйса, адамдарга “Алланы таштап мени жана энемди кудай кылып алгыла” деп сен айттыңбы?”- дегенде Ыйса айтты: “Оо кемчиликтерден алыс кудуреттүү Алла таала, акы-укугум болбогон нерсени айтуу мен үчүн дурус эмес го. Эгер мен аны айткан болсом Сен албетте билер элең. Анткени, Сен дилимдеги бардык нерсени билесиң. Ал эми мен Сендеги сырды биле албайм. Албетте, (биз) биле албагандар-

дын баарын билген жалгыз гана Өзүңсүң. Мен аларга жалаң Өзүң амир кылган нерселерди гана айттым: “Менин Раббим, силердин Раббиңер болгон Аллага кулдук уруп сыйынгыла,”- дедим. Араларында жүргөнүмдө аларга күбө болдум жана үлгү көрсөттүм. Ал эми мени алардан айырганыңдан кийин Сен Өзүң алардын үстүндө күзөтүүчү болдуң. Сен Өзүң бардык нерсеге толук күбөсүң.

Эгер аларды азапка салсаң алар Сенин алсыз пенделериң. Эгер аларга кечирим кылсаң, албетте Сен Өзүң чыныгы кудурет күчтүн, өкүм жана даанышмандыктын Эгесисиң (Мааида сүрөсү, 116-118 аяттар).



## *Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) ыйык Куранда орун алган кээ бир дубалары*

Ыйык Куранда сүйүктүү пайгамбарыбызга тиешелүү дубалардын бардыгы “жана айт” же “айткын” деген сөз менен башталат. Жаратканыбыз сүйүктүү пайгамбарыбызга кантип дуба кылуу керектигин үйрөткөн:

“... Айткын: “Раббим, шайтандын азгырыгынан коргошуң үчүн Сага баш калкалайм. Жана алардын жаныма келүүлөрүнөн коргошуң үчүн да Сага баш калкалайм, Раббим” (Момундар сүрөсү, 97-98 аяттар).”

“... Айткын: “Раббим, мени кирер жериме (мүрзөмө) күнөөлөрүмдөн арылган абалымда чындык менен киргиз жана чыгар жеримден (Кыямат күнү) күнөөлөрүмдөн арылган абалымда чындык менен чыгар жана мага өз алдыңдан колдоочу бир күч-кубат бер” (Ал-Исра сүрөсү, 80-аят).”

“... Айткын: “Оо Раббим, илимимди дагы да арттыргын” (Таахаа сүрөсү, 114-аят).”

“... Айткын: “Раббим, күнөөлөрүмдү кечиргин, ырайым кыл. Анткени, Сен ырайым кылгандардын эң кайрымдуусусуң” (Момундар сүрөсү, 118-аят).”

## *Пайгамбарыбыздын жашоосундагы дубалардан айрымдары*

Пайгамбарыбыз мейли ибадат кылып жатканда болсун, мейли күндөлүк турмушунда болсун, кайгылуу жана кубанычтуу учурларында ар дайым алакан жайып, Аллага карап төмөнкүдөй жалбарар эле:

"Оо жараткан Аллам, напсимди Сага тапшырдым. Жүзүмдү Сага бурдум. Өз ишимди Сага жүктөдүм. Ыраазычылыгыңдан үмүт кылып, азабыңдан коркуп Сага таяндым. Сага баш калкаладым. Менин Сенден башка баш калкалаар жайым, Сенден бөлөк таянар тоом жок. Алла таалам, түшүргөн китебиңе, жиберген пайгамбарыңа ыйман келтирдим"(Бухари, "Деават", 7).



"Оо Аллам, Сени сүйүүнү, сүйгөндөрүңдү сүйүүнү жана ошол сүйгөн нерсеңе жеткирүүчү иштерди буюрууңду тилейм. Оо жараткан Аллам, сүйүүңдү мага напсимден, үйбүлөөмдөн жана муздак суудан дагы көбүрөөк сүйдүр" (Тирмизи, "Дуа", 73).

"Оо Аллам, бизге дүйнөдө да, акыретте да эң сонун нерселерди ырооло" (Мүслим, "Зикир", 26).

"Жараткан Аллам, мени (күнөөлөрүмдү) кечир, мага ырайым кыл, ыраазычылыгыңды алуучу иштерди жасат. Ошондой эле, мага даамдуу жана берекелүү ырыскы бер" (Мүслим, "Зикир", 35).

"Алла таалам, мени туура жолго сал жана ошол жолдо ийгиликке жеткир" (Мүслим, "Зикир", 78).

"Оо Аллам, адеп-ахлаксыз болуудан, жаман иштерди жасоодон жана жалган ишенимдерге кабылуудан коркуп Өзүңө корголойм." (Тирмизи, "Дуа", 126).

"Жараткан Аллам, мага ыроологон ырыскыларыңды жоготуп алуудан, берген ден-соолугуңду бузуп алуудан, күтүлбөгөн жерден бере турган жазаңдан жана Сенин каарыңа кабылтуучу бардык нерседен коркуп Өзүңө баш калкалайм" (Мүслим, "Зикир", 96).

"Оо Аллам, алсыздыктан, жалкоолуктан, коркоктуктан, карылыктан, кабыр азабынан, тирүүлөр менен өлүүлөрдүн казабынан коркуп, Сага кулдук урам" (Мүслим, "Зикир", 50).

"Алла таалам, пайдасы жок илимден, кайгырбаган жүрөктөн, тойгонду билбес напсиден, кабыл болбогон дубадан коркуп, Өзүңө табынам" (Мүслим, "Зикир", 73).

"Аллам, Сенден туура жол, терең ишеним, ар-намыс жана кең пейилдик тилейм" (Мүслим, "Зикир", 72).

"Оо Раббим, мени бирөөгө жакшылык кылганында сүйүнгөн, ал эми жамандык кылганында өкүнгөндөрдөн кыл" (Ибн Маже, "Эдеп", 57).

## *Исламдын улуу жол башчылары жана аалымдарынын дубаларынан*



"Жараткан Аллам, бардык сулуулук жана жакшылыктырды Өзүңдөн тилейм. Бардык ыпластык жана жамандыктардан оолак болуу үчүн Сага баш калкалайм" (Азирети Айша).

"Оо Аллам, мага жакшы иштерди буюр. Кылган иштеримди Сенин ыраазычылыгыңа ылайык кыл. Ар кандай жалган жана жасалмалуулуктун аралашышынан сакта" (Азирети Өмөр).

"Оо Рабби, абалымды көрүп турасың, чарасыздыгымды билип турасың. Жашыруун жалбарганымды угуп турасың. Мени Өзүңдөн үмүтүн үзгөндөрдүн арасына кошпо, мага таарынба, дагы көп күттүрбө, үмүтсүздүккө кабылтпа. Мага ырайым кылaрыңа толук ишенем. Көңүлүмдөгү ышкы отун тутант, мени махабатыңдын кумарына кандыр, сүйүүңдү өксүтпө. Сенин улуулугуңун алдында таазим кылып моюн сундум, жайнамазга баш койдум, мени кечир" (Азирети Аалы).

"Өзүнүн атын айтып зикир чалганды унутпаган Аллага шүгүр кылам. Өзүнө дуба кылганды куру кол кайтарбаган, жалбарганды ыйлатпаган жана үмүт кылып келгенди куру чыгарбаган Аллага шүгүр кылам" (Азирети Хасан).

“Эң жаман жолдош болгон ачкалыктан жана кыянатчылыктан алыс болуу үчүн Сага корголойм. Жалкоолук, сараңдык, коркуу жана мөгдүрөткөн карылыктан кутулуу үчүн Сага корголойм. Жашоо жана өлүм каргашасынан оолак болуу үчүн Сага баш калкалайм” (Имам Газали).

“Алла таалам, көөдөнүбүздү Сенден башкасынын сүйүүсүнө мекен болуудан тазала” (Абдүлкадир Гейланы).

“Оо Рабби, дуба Өзүңдөн, ошол дубаны кабыл алуу да Өзүңдөн. Оо Рабби, кылган дубаларыбызда же жалынып-жалбарышыбызда Сага ылайык келбеген туура эмес сөздөрдү сүйлөп ката кетирген болсок ал сөздөрүбүздү Сен оңдо жана тилегибизди кабыл кыл. Себеби, сөздөрдүн ээси жана улугу Өзүңсүң.”

“Раббим, мен денемди кирден арылттым, жуудум. Ички дүйнөмдү болсо жамандыктардан Сен арылт, жуу” (Жалаладдин Руми - Мевлаана).

“Оо Жараткан, биз башкаларды эмес, бир гана Сенин теңир экендигиңди кабылдап жалгыз Өзүңө гана моюн сунабыз. Сенин эркиңе баш ийүү менен гана өзүбүздү бейкут сезип көңүлүбүз жайланат. Анткени бардык коркууларыбыздын жана үмүттөрүбүздүн биринчи жана акыркы булагы жалгыз Сенсиң. Сен коркуу салбасаң бизде коркуу болбойт. Сен үмүт бербесең бизде үмүт да болбойт. Сен таттуунун таттуу экендигин сездирбесең бардык нерсе ачуу, сары санаа, дарт. Сен ачуунун ачуу экендигин сездирбесең бардык нерсе таттуу, ширин” (Мухаммед Хамди Языр).



## *Окуйлу...*

**БИСМИЛЛА**

Алла го алгач сөзүбүз
Ыйманы ысык өзүбүз.

Алла деп иштер башталат.
Алла деп бүтөт, макталат.

Ойгоном таң атканда
Айтам алгач “бисмилла”.

Тамак ичкени атканда
Китебимди ачканда...

Айтам дайым “Бисмилла”
Унутпаймын, бир дем да.

Сыйынамын Аллама
Дем-күч берет Ал мага.

Алла азды көп кылат.
Кыйын ишиң жок кылат.


Бисмилла деп иш кылган,
Ийгиликке кол сунган.

Түшүрбөймүн оозумдан,
Алла кармайт колумдан.

*Мустафа Асым Көксал*







## ЖАТАР АЛДЫНДА

Жаттым тынч жаздыгыма,
Жалбардым Аллам Сага.
Периште күбө болсун,
Диниме, ыйманыма.

Жаттым тынч көтөр Алла,
Жаркытып бөлө нурга.
Жөнөткүн ыйман менен
Денеден жан чыкканда.



ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# СЕН ДА ДУБА КЫЛ



## *Дуба менен рахмат айтуу: Алла ыраазы болсун*

Кимдир бирөө жакшылык жасаса, же кандайдыр бир жагымдуу шарттарга кабылганыбызда ошол жакшылыкты жасаган, же жакшы мамиле кылган адамга ыраазычылыгыбызды билдиргибиз келет. Өзгөчө, ошол жакшылык же жардам оор абалда турган кезибизде жасалса, ыраазычылыгыбызды чын көңүлдөн билдиребиз. Чындыгында, бизди ошол жакшылыкка туш кылган зат – Жаратканыбыз. Андыктан, адамдарга рахмат айтуу менен, бир жагынан Раббибизге да ыраазычылыгыбызды билдиришиз керек. Муну ишке ашыруунун эң жөнөкөй жолу бар. Ал жол – "Алла (сага) ыраазы болсун" деп ыраазычылык билдирүү. Бул алкоо аркылуу ошол эле учурда, Жаратканыбызга дуба да кылган болобуз жана ушундан улам билдирген ыраазычылыгыбыздын мааниси мурункудан да тереңдейт.

"Алла ыраазы болсун" сөзүн ыраазычылык билдирген көптөгөн сөздөрдүн ордуна колдонсок болот. Мисалга алсак, бул сөз "Апаке, жасаган тамагың абдан даамдуу болуптур, колуң дарт көрбөсүн" деген сөздүн ордуна да колдонулат.

"Атаке, күнүмдүк керектөөлөрүм үчүн берген акчаңа рахмат" деген сөздүн ордуна да "Алла ыраазы болсун" деп айтсак болот.

"Досум, өчүргүчүңдү колдонгонго уруксат берип мени



ыңгайсыз абалдан чыгаргандыгың үчүн рахмат" деген сүйлөмдүн ордуна, кыскача "Алла ыраазы болсун" деп айтсак да жарашат.

"Чогултуп койгон таштандыларыбызды алып барып таштанды салган контейнерге салып, бизди акыр-чикирден арылткандыгың үчүн рахмат байке" деп кызматчыга ыраазычылык билдирүүнүн ордуна колдонсок болот.

"Оюнубуз бүттү. Бүгүнкү ойногон оюнубуз кандай гана сонун болду, баарыңарга рахмат, достор", же "Эжеке, бизге абдан маанилүү нерселерди үйрөтүп жатасың, рахмат" деген сөздөрдүн ордуна да колдонууга болот.

Ушул "Алла ыраазы болсун" деген сөздү "Мага жасаган бул жакшылыгың үчүн Алла сага да жардам кылсын. Сени кыйынчылыктарга туш кылбасын, муктаж болгон нерселериңди камсыз кылсын жана сени сүйсүн" деген мааниде да айта алабыз.

Ошондой эле, биз да: "Алла баарыңарга ыраазы болсун, сүйүктүү достор!"- дейбиз. Анткени, силер бул китепти окуу менен кандай гана жакшы иш кылып жатасыңар.

## *Уктап ойгонгондо жана уктоо үчүн*

Ар күнү эртең менен таттуу уйкубуздан ойгонгондо жаңы бир күн менен саламдашабыз. Анан күн акырындап көтөрүлүп, куштардын кубулжутуп сайраган үндөрү жаңырат. Жаратылыш жанданып, адамдар кумурскалар өңдүү көчөөлөрдө өйдө-ылдый сапар тартып агылышат. Жаркыраган жаңы күндүн жарыгы менен ойгонуп жаздыгыбыздан баш көтөргөнүбүздө бүтүндөй жер үстүндө турмуш күүсү чертилип биз үчүн бардык шарттар даяр болуп калат. Анан ушул жаңы күндү жакшынакай дуба-тилектерибиз менен баштасак болот.

"Жараткан Аллам, ушул улуу күнү мени сак-саламат ойготкондугуң үчүн Сага шүгүр кылам. Ушул күнүмдү жакшылык жана сулуулуктарга бай кыл. Бизди таңга жеткиргениңдей эле түнгө да жакшылык менен жеткир." Мына ушул сыяктуу бир дуба менен, же болбосо, пайгамбарыбыз окуган, же окушубузду сунуш кылган бир дубаны үйрөнүп, жаңы күнүбүздүн каалгасын ошол дуба менен ачсак болот.







Эртең менен уйкубуздан ойгонгондо жаңы күндү кандай жакшы тилек-дубалар менен баштаган болсок, кеч кирип жатар маалы болгондо, ошол күндү ошондой эле жакшы тилек-дубалар менен бүтүргөнүбүз оң. Ушундайча, эртең мененки жана жатардагы кылган дубаларыбыздын ортосундагы күнүбүз биз үчүн эң пайдалуу мезгилге айланат.

Жатар алдында: “Жараткан Аллам, Сенин эркиң менен кечке да жеттик. Бардык жамандык жана кыйынчылыктардан оолак болуу үчүн Сага баш пааналайм. Жакшылыктарымды кабыл кыл, каталарымды кечир. Таң атып ойгонгонумда бүгүнкүдөн да сонун бир күндү мага жана жакшы көргөн жакындарыма буюр,”- деген өңдүү дуба кылсак болот. Ошондой эле, пайгамбарыбыз сунуш кылган Курандын акыркы үч сүрөсүн, т.а. Ихлас, Фалак жана Нас сүрөлөрүн үч жолудан кайталап окусак да болот.



## *Жамандыктардан бизди калкалаган калкан болушу үчүн*

Бул турмушта кээде ар кандай адеп-ахлаксыз адамдарга, же болбосо жамандыктарга туш келишибиз мүмкүн. Андай учурларда өзүбүзгө бекем болуп жамандыктардын жасалышына жол бербей, токтоолук, сабырдуулук менен Алладан жардам сурашыбыз керек. Алланын кудурет күчү бардык нерсеге жетет. Ал бизди коргой турган болсо, анда эч ким бизге зыян келтире албайт. Андыктан, биз Андан өзүбүздү жана жакындарыбызды ар түркүн жамандыктан жана адеп-ахлаксыз адамдардан коргоосун, ошону менен бирге эле бизди жакшылыктарга жанаштырып, эл ишенимине ээ болгон жакшы адамдар кылуусун тилеп дуба кылышыбыз керек.

## *Дубалар ар кандай коркуу сезимдеринен куткарат*

Биз кээде билбеген нерселерибизден, кээде болсо бизге жакпаган нерселерден коркобуз. Корккон учурубузда эс-учубузду жыя албай, апкаарып тердеп, ал тургай ыйлап да жиберебиз. Анан акыл-эсибизди жыйып, өзүбүзгө келгенде бизди коркуткан нерсенин анчалык деле коркунучтуу эмес экендигин түшүнөбүз. Ошондуктан, андай коркуу сезимдеринен кутулуу үчүн ал учурдун өтүп кетишин күтүп отурбастан

Аллага дуба кылып, бардык нерсе Анын эрки менен гана ишке ашарын ойлоп, Андан медет күтүп тынчсыздануулардан арыла алабыз.

Раббибиздин бардык нерсени көрөрүн жана угарын билебиз. Корккон учурубузда канчалык кайгырып санаа тартып, өзүбүздү жаман сезгенибизди да билет. Жүрөгүбүздөгү коркууну Ал гана жогото алат жана корккон нерселерибизден бизди Ал гана коргой алат. Көңүлүбүздү тынчытып, жаныбызды жай алдырган – жалгыз Ал. Ага дуба кылуу аркылуу коркуу сезимдерибизден кутула алабыз.

## *Кайгы-санаалардан арылтат*



Жашоодо ар кандай кайынчылыктардан улам кайгырып, мээнет тартып кыйналган учурлар да болот. Дартты берген кудайым анын дабаасын да берет экен. Андай абалдарда Аллага баш калкалап дуба кылып, бизди кайгы-кападан арылта турган иштер менен алек болгонубуз жакшы. Көңүлүбүздү жайгаруу үчүн ар дайым дуба кыла алабыз.

Эми биз Раббибиз асмандардын жана жердин жалгыз эгеси экендигин, Андан жардам сурап жалбарсак бизге жардам берерин жана Ага дуба кылуу аркылуу бардык ой-санаалардан арыла аларыбызды билебиз.

“Оо Раббибиз, Сенин бардык нерсеге күчүң жетет. Жүрөгүбүздү сыздаткан кайгы-санаалардан кутулуу үчүн Сага жалбарабыз. Билебиз, Сен биздин үнүбүздү угасың. Андыктан, бизге жардам бер!” – деп дуба кылабыз. Куранда жазылган шыпаа жана дуба аяттарын да окусак болот. Мына ошондо, Раббибиз бизге жардам берет жана бизди ар кандай кыйынчылыктардан коргойт.

## *Күмөн ойлордон арылуу үчүн*

Ар мезгилдин өзүнө жараша өзгөчөлүктөрү бар. Жай менен кыш бири-биринен абдан айырмаланат. Мисалга алсак, айлана-чөйрөбүздү туман каптап көз алдыбыздагыны көрө албай калган учурларда канчалык кыйынчылык тартарыбызды баарыбыз билебиз. Андайда, кээде үч-төрт кадам алыстыктагы түркүктү же чуңкурду деле байкабай калышыбыз мүмкүн. Чындыгында, күмөн саноо да ошол айланабыз-

ды каптаган туман сыңары. Күмөн ойго кабылганыбызда алды-артыбызды даана көрө албай калабыз. Анан андай абалда туура чечим кабыл ала албай, тескерисинче, жаңылыштык кетирүү ыктымалдары көбөйөт. Ошондой абалдарда Алладан жардам тилеп дуба кылуубуз зарыл. Көңүлүбүздү ээлеп алган күмөн ойлордон арылуу үчүн дуба кылышыбыз керек.

"Бардык нерсеге күчү жеткен оо Раббим! Көөдөнүмдү сабыркаткан күмөн ойлордон арылт. Көңүлүмдү шай кыл. Мээни жеген күмөн санаалардын сазына батып биротоло чөгүп жок болуп кетүүдөн корго. Ар бир иште Сенин ыраазычылыгыңа ылайык келечегим үчүн пайдалуу чечимдер кабыл алууну мага насип кыл. Өтүп кеткен иш үчүн өкүнүүдөн жана билбестиктин айынан өзүмө өзүм зыян алып келүүдөн сакта," – деген өңдүү дуба кылсак болот.



## *Шыпаа үчүн*

Көбүнчө иштерибиз оңунан кетип көңүлүбүз жайында болгон күндөрүбүз айрым учурларда оору-сыркоолор менен өтөт. Оорунун күчүнө жараша кээде абдан кыйналып азап тарткан оор мезгилдерибиз да болот. Дартты берген Алла, албетте, анын дабаасын да берген. Ошондон улам биз да ооруп калганда ооруканага барып дарылансак айыгып кетерибизден үмүт кылабыз. Ошол эле учурда оорубуздан тезирээк кутулуп кетишибиз үчүн жана тымызын жүрөгүбүздү өйүгөн кайгы-санаалардан арылуу үчүн жардам бер деп Аллага да дуба кылышыбыз абзел. Анткени, материалдык жана моралдык ооруларыбызга шыпаа берүүчү – Ал. Кандай гана оору болбосун өзүбүздү алсыз сезгенибизде, же оорубуздун айыгышын күтүп жатканда дуба кылышыбыз керек.

"Улуу кудуреттүү Аллам, Сен шыпаасы табылбаган дарт бербейсиң. Ар бир дарттын дарманын да жаратkансың. Оорумдун шыпаасын бер. Жабышкан дарттан кутулууну, чың ден-соолук жана ошол ден-соолуктун баркын билүүнү мага насип кыл," – деп дуба кылсак болот. Ошондой эле Куран жана хадистерде орун алган шыпаа жана дуба менен байланыштуу аяттарды окусак да болот.

## *Каалоолорум бар*


Адамдын каалоо-тилектеринин жазы, кышы, күнү, түнү, чоңу, кичинеси болбойт. Орундалса сүйүнөбүз, орундалышы кечиксе үмүтүбүздү үзүп кейип-кепчийбиз. Ал эми ал тилегибиздин оруналышы биз үчүн кайырдуу болобу, болбойбу көпчүлүк учурда аны ойлобойбуз. Акыйкатта, көңүлүбүздүн тереңинде орун алган купуя каалоо-тилектерибизди билген жана бизге ар дайым эң кайырдуусун тилеген бир Раббибиз бар. Ал биздин ичибиздеги каалоо-тилектерибизди билсе да биздин аларды Өзүнө айтып Өзүнөн гана тилешибизди жактырат. Ошондуктан биз да Ага өзүбүздүн муктаждыктарыбызды билдирип Андан биз үчүн кайырдуусун тилейбиз. Кандайдыр бир каалообуз болсо Ага дуба кылып анын кабыл болушун күтөбүз.



“Оо улуу кудуреттүү Аллам, Сен Сага карап ачылган алакандарыбызды кур койбоссуң. Мен да Сенден жардам сурайм. Бул боюнча өзүм жасашым керек болгон иштердин баарын жасадым. Эми андан жакшы натыйжа алуум үчүн Сага жалбарып жатам. Мени тилегиме жеткир. Көңүлүмдү оорута турган зыяндуу иштерден алыс кыл. Сен тилектеримди да, натыйжаларын да жакшы кыл,” – деген сыяктуу сүйлөмдөр аркылуу Раббибизге дуба-тилектерибизди айтабыз.

## *Чоң ата-чоң энелер, таята-таенелер жана ага-туугандар үчүн*

Үй-бүлөбүздө ата-энелерибизден башка да чоң ата, чоң эне, таята жана таенелерибиз өңдүү улууларыбыз бар. Жакшы, кайырдуу бала, кайырдуу небере, жакшы бир тууган болушубуз үчүн дуба кылып жатканда аларды да унутпашыбыз керек. Албетте, ал улууларыбыздын бизге аздыр, көптүр акысы өткөн болуш керек. Алланын ыраазычылыгына ээ болууну каалаcак, улууларыбызга жакшы мамиле кылып, колубуздан келишинче аларга жардам көрсөтүп, көңүлдөрүн көтөрүүгө тийишпиз. Алар үчүн да дуба кылып жана алар-



дын да батасын алышыбыз керек. Алардын бизге ыраазы болуп батасын бериши Аллага да жагат. Андыктан, үй-бүлөбүздүн улуулары үчүн дуба кылганды унутпайлы.

"Оо улуу кудуреттүү Аллам, мени өзүмдөн кичүүлөргө карата боорукер, өзүмдөн улууларга карата сыйкор адам кыл. Улууларыма пайдалуу болууну жана алардын мага ыраазы болууларын насип кыл жана Сен да мага ыраазы бол," – деген өңдүү дуба кылсак болот.

## *Өздөрү бул дүйнөдөн өтүшсө да, элестери жүрөгүбүздө*



Ар көз ирмемде дүйнөдө ондогон бөбөктөр төрөлгөндөй эле, ошол эле мезгилде ошончого жакын адам бу дүйнө менен кош айтышат. Бирок биз ошол өлгөн адамдардын жашоосунун биротоло токтоп калбагандыгын, тиги дүйнөдө алар үчүн жаңы бир жашоо башталгандыгын билебиз. Ал жаңы жашоонун башталышында бардыгынын бул дүйнөдөгү жасаган жакшы жана жаман иштери таразаланат жана алардын эсеби берилет. Жакындарыбыздын арасынан же чөйрөбүздөн көз жумгандар бар болсо керек, албетте. Алардан айрылуу биз үчүн канчалык кайгылуу болсо да алардын дагы жакшы бир жерде жашоолорун улантышын ойлоп кайгыбызды азайта алабыз. Дагы эле болсо алар үчүн дуба кыла беребиз. Ушундайча аларга карата болгон ичибиздеги сүйүүбүздүн өчпөгөнүн жана аларга арнаган жакшы каалоо-тилектерибиздин улана берерин көрсөтө алабыз.

"Оо жараткан Алла, бизге жаныбызды аманат катары берген Өзүңсүң. Убагы келгенде аны бизден алган да Өзүңсүң. Өмүрүбүздүн акырына чейин Сенин сүйүктүү кулуң катары жашашыбызды бизге буюр.

Алла таалам, учурда бул жашоодо болбогон бардык жакындарыма жана сүйгөндөрүмө ырайм кыл, аларга бейиштин ырыскыларын ырооло," – деп, же ушуга окшогон сүйлөмдөр аркылуу өлгөндөрүбүз үчүн дуба кылсак болот.

## *Ата-эне жана бир-туугандар үчүн*

Бүгүнкү күнгө чейин үй-бүлөңөрдөн алыста көп убакыт калганыңар болдубу, билбейм. Үйдөн көп убакыт алыста жашап үй-бүлөбүздү сагынган учурларыбызда, үйдө жүргөн кезде кээде жаңылыштык менен болсо да капа кылып койчу үй-бүлөбүздүн биз үчүн канчалык баалуу экендигин түшүнөбүз. Мына, адам баласына мүнөздүү жалпы көрүнүш ушундай, бар нерсесинин баркын качан гана аны жоготуп алгандан кийин толук түшүнөт. Ал эми акыйкатта, жаныбыз-каныбыз бир болгон үй-бүлөбүз биз үчүн сүйүүгө, терең урмат-сыйга татыктуу адамдар болуп саналышат. Атабыз, апабыз жана бир туугандарыбыз болуп баарыбыз бир дубалдын кыштары сыяктуубуз. Булардын арасынан бир кышка зыян келип жарылып сынса, бүтүндөй дубалга анын кесепети тиет. Бирок бекем салынган дубал ичиндеги бир кыштын сынышынан урап калбайт. Анын сыңарындай, үй-бүлөбүз биз үчүн абдан кымбат. Алар – биз менен кошо сүйүнүшүп, биз менен кошо кайгырышкан адамдар. Андыктан, үй-бүлөбүзгө кайрымдуу адам болуп, дуба кылып жатканда аларды эстеп алардын жакшылыгы үчүн да тилек тилешибиз керек. Себеби, аларга жасоочу жакшылыктарыбыздын бири – алар үчүн дуба кылуу. Муну эч убакта эстен чыгарбашыбыз керек.



“Оо ааламдардын жаратканы болгон Аллам! Мени чоңойтуп өстүргөн ата-энеме ырайым кыл. Алар мени кандай сактап коргошсо, Сен да аларды ошондой сактап корго. Бул дүйнөдө да, акыретте да үй-бүлөмө көп-көп жакшылыктар, сулуулуктар жана ырыскылар буюр. Мени, ата-энеми, бир туугандарымды жана бардык жакшы көргөн жакындарымды жамандыктардан сакта. Бизди бири-бирибизге карата күйүмдүү, боорукер кыл,” – деп, же ушуга окшогон тилектер менен дуба кылсак болот.

## *Досторум – жандай сүйгөн ынагым*

Үй-бүлөбүздөн кийинки жанында өзүбүздү эркин сезген, кайгыбызды, кубанычыбызды тең бөлүшкөн адамдар –

досторубуз. Андыктан, жакшылыктарда жана жамандыктарда ар дайым жаныбызда болгон ошол досторубуз үчүн да дуба кылышыбыз керек.

“Жараткан Аллам, мени эң жакшы адамдар менен достоштур. Мени досторумдун арасында сүйкүмдүү жана ишеничтүү адам кыл. Арабызда душмандык, жек көрүү, кызганчаактык сезимдерди жаратпа. Бири-бирибизди сүйүп, бирибирибизге карата күйүмдүү болууну насип кыл,” – деген өңдүү дуба кылсак болот.

## *Үйдөн чыгарда жана үйгө кирерде*



Үйүбүз биздин үй-бүлөбүз менен бейкут жана бактылуу жашаган куттуу жайыбыз. Эгерде биз ошол куттуу үйүбүздөн бисмилла деп дуба кылып чыккан болсок, Алланын колдоосу менен жолубузга чыккан ар кандай тоскоолдук, кыйынчылыктардан кырсык-балээсиз өтүп көздөгөн максатыбызга жете алабыз. Раббибизден жардам тилеп дуба кылуу бизге дем-күч берет. Үйгө кирерде да Аллага атап дуба кылып, ар кандай күтүлбөгөн терс кырдаалдарга карата Анын бизди коргоосун сурансак болот.

“Оо, бардык нерсеге кудурет күчү жеткен Аллам! Дүйнөдөгү бардык жамандыктардан, жаман адамдардын жабырынан, кырсык-балээлерден сактооң үчүн Сага баш калкалайм. Үйүмө кайтканга чейин кандайдыр бир жамандыкка кабылуудан, жаман иш жасоодон, билген жана билбеген ар кандай кыйынчылыктан алыс кыл. Мага аман-эсен үйүмө кайтып барышымды насип кыл,”- деген сыяктуу дуба кылышыбыз керек.

Ошондой эле, “Бисмиллахир-рахманир-рахим, оо, улуу кудуреттүү Раббим, бизге ырайым жана береке каалгаларын ач, ден-соолук, бак-таалай, өмүр жана ыраатуу жашоо ыроолο, үйүбүзгө береке киргиз. Ар кандай кыйынчылыктарды, уруш-талаштарды, өз ара араздашууларды үйүбүздөн алыс кыл. Куттуу уябызды бейпилчилик уялап, берекеге толсун,” – деп, же ушуга окшогон дуба-тилектерибизди да айтсак болот.

## *Окууга бара жатканда дем-күч берген жолдош*

Мектеп босогосун аттап адеп партага отурган күндөн баштап окуганды, жазганды, сандарды бири-бирине кошконду, алганды, көбөйткөндү, бөлгөндү, паралел сызык, меридиан ж.б. сыяктуу көптөгөн нерселерди үйрөнө баштайбыз. Эми дагы кайсыны үйрөнөр экенбиз деп отуруп кызуу жарыштын ичине кантип кирип калганыбызды өзүбүз да байкабай калабыз. Күн өткөн сайын улам жаңы нерселерди үйрөнүп, анан аларды канчалык туура үйрөнгөнүбүздү өлчөп-байкоо үчүн сынактарга киребиз. Ал сынактардын кээси жазуу түрүндө болсо, кээ бирлери оозеки түрдө алынат. Анан бара-бара ал сынактар татаалдаша баштайт. Мурункудай чакан эмес, бир эле мезгилде миңдеген кишилердин арасында өтүүчү сынактар уюштурулат. Жогоруда көрүнгөндөй билим алуу анчалык оңойго турбаса да биз үчүн окууга баруу өзүнчө бир ырахат. Өзгөчө, окууга бара жатканда дуба кылып анан үйдөн чыккан болсок, жасаган ар бир кадамыбыз, мектепте өткөн ар бир саатыбыз биз үчүн дагы да пайдалуу болот. Ошондуктан, окууга бара жатканда дуба кылууну унутпайлы. Дуба бизге ар дайым дем-күч берип ишенимибизди арттырат.



“Улуу кудуреттүү Аллам, менин акыл-зээнимди ач, аңсезимимди күчтөнт. Сабактарымда ийгиликке жеткир, алган билимимди арттыр. Бул дүйнөдө жана акыретте мен үчүн пайдалуу боло турган илимдерди оңой үйрөнүүмө жардам бере көр,” – деген өңдүү дуба-тилектер айтсак болот.

## *Эң чоң сыйлык*

Жүрөгүбүздү толкуткан кубанычтуу сезимдердин бири да – ийгиликке жетүү. Ийгиликке жетүү айрым учурларда баалуу сыйлыктар менен бекталат. Кээ учурларда болсо, адамдардын бизге суктануу менен жылмая карашы көңүлүбүздө ийгиликке жетүү кубанычын пайда кылат. Чындап эле бир иште ийгиликке жеткен болсок ага алгач өзүбүз ишенишибиз керек. Ийгиликке жетүүчү жолдо эч качан чарчадым, чаалыктым деп жасап жаткан ишибизди жарым-жартылай таштап койбошубуз керек. Натыйжасы биз күткөндөй болбосо да ал



иштин артынан сая түшүп ийгиликке жетүү үчүн акырына чейин аракет жасашыбыз зарыл. Себеби, ийгилик тынымсыз эмгек, майышпас эрк, төгүлгөн мээнет териң менен гана жете турган нерсе. Ал эми биздин жеткен ошол ийгилигибиз жогору бааланып кандай гана баалуу сыйлыктарга арзыса да ал сыйлыктар Алланын ыраазычылыгынчалык баалуу боло албайт. Алланын берген сыйлыктары – дүйнө үчүн да, акырет үчүн да пайдалуу болгон эң чоң сыйлыктар.

“Оо Алла таалам, жоопкерчилигин өз мойнума алган иштерди ийгиликтүү түрдө орундатууну мага насип кыл. Алдыбыздан чыккан ар кандай тоскоолдуктарды токтолбой жеңип өткөн кайышпас кайрат-күч, майышпас эрк, ишеним бер. Ырайымыңды өксүтпө жана бизге көрсөткөн жардамыңды көп көрбө. Мени теңирин тааныбаган текеберден, дөөгүрсүп бой көтөргөн дөөпөрөстөн сакта,” – деген өңдүү дуба кылсак болот.



## *Жеңилдесин*

Айрым мезгилдерде башыбызга түшкөн кыйынчылыктар менен күрөшүү биздин өзүбүзгө болгон ишенимибизди бекемдеп жигердүүлүгүбүздү арттырат, эркибизди кайрап мурдагыдан күчтүү кылат. Ага туруштук көргөзүп жатып жаңы айла-амалдарды табабыз, чыдамкайлыкты үйрөнөбүз. Себеби, күндөлүк турмушубузда андай кыйынчылыктардын жолубузга бөгөт болуп, сапарыбызды чектөөсүн каалабайбыз. Андай кырдаалдарда иштин жеңилине качырбастан ошол кыйынчылыктардан арылтууну жана кайрат-күчүбүздүн азайбашы үчүн Аллага дуба кылабыз. Иштерибиздин жеңилдеши үчүн төмөндөгүдөй дуба кылсак болот:

“Рабби йессир ве лаа түассир, Рабби теммим билхайр” Мааниси: “Раббим, иштеримди жеңилдет, татаалдаштырба. Бул ишти кайырдуулук менен натыйжалант.”

## *Сапар дубасы*

Кээде жакынга, кээде алыска сапар тартабыз. Ал сапарларыбыз кээде бир-эки саатта аяктаса, айрым учурларда бир

нече күнгө созулушу мүмкүн. Чыккан жерибиз менен бара турган жерибиздин ортосундагы аралык канча болсо болсун сапар тартуунун өзүнө мүнөздүү биртоп кыйынчылыктары бар. Андыктан, Жаратканыбызга жалбарып дуба кылып бизди ошол кыйынчылыктардан арылтуусун сурансак болот. Антип дуба кылуу аркылуу өзүбүз менен бирге алып жүрө албай артыбызда калтырган бардык баалуу нерселерибизди Аллага аманат кылган болобуз.

“Оо улуулардын улуусу кудуреттүү Жаратканым! Сенден жардам күтөм, Сага ишенем, сапарымды жеңилдет, ар кандай кырсык-балээлерден сакта, жакшылык жана сулууктарды буюр, көңүлүмдү жай кыл, иштеримди оңойлот.

Оо Раббим, өзүмдү, динимди, үй-бүлөмдү, тууган-уругумду жана мага таандык болгон бардык нерсени Сага аманат тапшырам. Бизди ар кандай жамандыктардан жана кайгы-санаалардан алыс кыл.



Оо улуу Раббим, бизди бара турган жерибизге сак-саламат жеткир,” – деген өңдүү тилектер менен Раббибизге дуба кылышыбыз максатка ылайык.

## *Жедик, ичтик ырыскы даам, Жаратканга шүгүр кылам*

Жер жүзүндө канчалаган адамдар жокчулуктун айынан ачжылаңач отурушкандыгы баарыбызга белгилүү. Айрым наристелер ачарчылыктын айынан али каскас туруп кадам шилтеп баса элегинде эле бул жарык дүйнө менен кош айтышат. Атабыз биздин кем-карчыбызды бүтөө үчүн эртеден кечке тыным албай иштесе, апабыз бир жагынан үй оокаты менен алек болуп, ошол эле мезгилде биздин тамак-ашыбызды ойлоп түрдүү сонун тамактарды даярдоо үчүн ашканада канчалаган убактысын коротот. Арабызда жасалган тамакты жактырбаган да балдар бар. Ал эми ошол тамактар канчалаган эмгек менен даярдалып анан дасторконубузга келет, аны ойлойбузбу? Андыктан, тамакка кол сунаардан мурун “Бисмилла...” деп дуба окуп анан башташыбыз керек. Тамак жегенден кийин болсо “элхамдүлиллах” деп Аллага шүгүр кылууну унутпоого тийишпиз.

“Оо бизди жедирген, ичирген жана жашаткан Раббим! Бизге ыроологон ырыскыларың үчүн шүгүр кылам, кайырдуу өмүр жана адал жолдор менен табылган ырыскыңды азайтпа. Ден-соолук жана тамшанган табит бер,” – деп, же ушуга окшогон сүйлөмдөр менен дуба кылууну адатка айландырышыбыз абзел.

## *Береке тилөө*

Өзүбүзгө же коомчулукка жетпей калышы мүмкүн көрүнгөн нерселердин берекеттүү болушун каалайбыз. Береке – өзүнөн өзү көбөйгөн, түгөнбөгөн кандайдыр бир сырдуу көрүнүш. Береке – жетпей калат го деп тынчсыздандырган тамактын баарыбызга толук жетип, ал тургай ашып калышы, аз көрүнгөн убакыттын узашы, бизге жетиштүү болушу. Турмушубузда береке азайса жеген тамак-ашыбыздын кантип түгөнгөнүн, убактыбыздын кантип өткөнүн байкабай калабыз. Андыктан, жашообузга береке кирип, жасаган иштерибиздин берекелүү болушу үчүн дуба кылышыбыз керек.



“Оо жараткан Аллам, чексиз кудурет-күчтүн ээси Өзүңсүң. Аз нерсебизди көбөйт. Бар нерсебиздин берекесин арттыр. Жеп-ичкен тамак-ашыбызды, кийген кийим-кечебизди берекелүү кыл. Жашообузду, сүйүүбүздү, үйүбүздү жана дасторконубузду берекеге толтур,” – деген өңдүү каалоо-тилектер тилеп Раббибибизге дуба кылышыбыз зарыл.

## *Кырсык-балээлердин болбошу үчүн дуба кылалы*

Кандайдыр бир күтүүсүз себептерден улам ар кандай кырсыкка кабылышыбыз мүмкүн. Башыбызга келген андай кырсык-балээлерден кутулууга кээде дареметибиз жетпей калган учурлар да болот. Андыктан, ал өңдүү кырсыктарга дуушар болбос үчүн материалдык жана моралдык жактан бардык алдын алуу чараларын көрүшүбүз керек. Моралдык жактан көрүлгөн алдын алуу чараларынын эң башкысы улуу кудуреттүү Раббибизге дуба кылып, Анын бизди ар кандай алааматтардан, кырсык-балээлерден алыс кылышын тилешибиз зарыл.

"Оо Алла таалам, асмандардагы жана жердеги бардык нерселердин эгеси Өзүңсүң. Жер титирөө, сел, кыян, куюн, өрт, жол кырсыгы ж.б. өңдүү табигый кырсык, алааматтардан алыс болуу үчүн Өзүңө баш пааналайбыз, Өзүң бизди сакта. Кандайдыр бир күтүлбөгөн кырсыкка кабыла турган болсок, андан көп зыян тартып, чыгым болбостон кутулушубузга көмөкчү бол. Тарткан кыйынчылыктарыбызды тапкан сообубуз катары көр," – деп, же ушуга окшогон сүйлөмдөр менен Жаратканыбызга дуба кылышыбыз керек.

## *Өткөн ишке өкүнсөк да, ал үчүн бир нерселер кылууга болот*



Ар бир адам жашоосунда жаңылыштык кетириши мүмкүн. Туура эмес мамиле жасап кимдир бирөөлөрдү капа кылышыбыз ыктамал. Андай учурларда ал адамдардан кечирим сураганды унутпашыбыз керек. Өзгөчө, мындай катачылыктарды экинчи кайталабаш үчүн өзүбүзгө өзүбүз убада беришибиз ылазым. Ал үчүн баарынан жакшысы – Аллага чын дилибиз менен сөз берүү. Ушундайча өкүнүчүбүздү дубага айландыра алабыз.

"Жараткан Аллам, абайсыздыктын айынан катачылык кетирип эми өкүнүп отурам. Кетирген кемчилигимди кечир, өзүмө жана өзгөлөргө зыян келтирүүчү жаман ой-пикир жана кыймыл-аракеттерден оолак кыл. Мага жакшы, пайдалуу, сүйкүмдүү жана туура жүрүп түз сүйлөгөн адам болушумду насип кыл," – деп Раббибизге дуба-тилектерибизди билдирсек болот.

## *Үй ээсине эң сонун белек*

Бир жерге конокко барганыңарда силерге эң көп жаккан нерсе эмне? Түрдүү-түрдүү тамактарбы, жаңы таанышкан өзүңөр менен теңдүү балдарбы, же апабыздын бизге сабырдуулук менен кылган жумшак мамилесиби? Же болбосо, башка нерселер да болушу мүмкүн. Кайсынысы болсо да, дегинкиси, конок болуу бизге жагат. Ал үчүн бизди коноктогон үй ээсине рахматыбызды айтабыз. Ошону менен бирге

эле, үй ээси байкаса да, байкабаса да ага дуба кылуу аркылуу ыраазычылыгыбызды билдирсек болот. Себеби, дуба – эң жакшы ыраазычылык, үй ээси үчүн эң сонун белек.

“Оо Аллам, үй ээси бизге кандай татуу тамак-аштарды таруулап сый көрсөтсө, Сен да ага ошондой сый көргөз. Көптөгөн ырыскыларды ыроолоп ырыскы-байлыгын арттыр жана ага ырайым кыл. Биздин үйгө да коноктор келгенде аларга эң жакшы мамиле-сый көргөзүшүбүздү насип кыл,” – деген сыяктуу дуба кылсак болот.

## *Сүйүнүчүбүзгө сүйүнүч кошкон дубалар*




Турмушта ооруп калган же болбосо кайгылуу учурларыбыз болгондой эле, көздөрүбүз жайнап, көңүлүбүз толкуган кубанычтуу учурларыбыз да көп болот. Дуба кылуу бир гана кыйынчылыкка кабылганда Алладан жардам суроо эмес. Тескерисинче, ар дайым Алланы эскерип кубанычтуу күндөрүбүздө да Аны эстөө болуп саналат. Ошондуктан, кубанычыбыз койнубузга батпай, өзүбүздү бактылуу сезип турган учурларыбызда дагы дуба кылууну унутпайлы.

“Оо улуу кудуреттүү Жаратканым, ар дайым мени ушундай кубанычка бөлө. Кубанычтуу күндөрүндө Өзүңдү унутпаган жана ашыкча сезимдерге алдырбаган адамдардан кыл. Мени сүй, ошондой эле мага сүйгөн жана сүйүлгөн адам болушумду насип кыл. Кубанычыбызды кайгыга айлантпа,” – деген сыяктуу дуба кылсак болот.

## *Бейпилчилик берген дубалар*

“Оо улуу кудуреттүү Алла таала, мага ыроологон ырыскыларың үчүн Сага чексиз шүгүр кылам. Сен сүйгөн жана биздин сүйүктүү пайгамбарыбыз болгон азирети Мухаммедге салават келтирип салам берем.”

“Оо Аллам, мени Өзүңдү жана пайгамбарыңды сүйгөн, Өзүңө жана пайгамбарыңа ишенип моюн сунган адам кыл. Бардык күнүмдү жакшылыктар жана сулуулуктар менен өткөр. Дүйнөдөгү жана акыреттеги бардык кайрымды, сулуулук жана ырыскыларды Сенден сурайм, ал эми бардык



жаман-
дыктардан оолак
болуу үчүн Сага баш
калкалайм.”

“Оо ааламдардын Раббиси
болгон Аллам. Бир гана Сага
сыйынып, бир гана Сенден жардам тилейм. Сенин бардык нерсеге күчүң жетет. Сен менин ачык жана купуя бардык сырымды билесиң. Мага ырайым кыл жана жүрөгүмдү боорукердик жана сүйүү сезими менен толтур. Жалкоолуктан, натыйжасыз аракеттен, убакытты пайдасыз нерселер үчүн коротуудан, баш аягы билинбеген башаламан иштен, ийгиликсиздиктен, адамдарга, айлана-чөйрөгө жана өзүмө зыян келтирүүдөн алыс болуу үчүн Өзүңдөн баш паанек издейм.”

“Оо жараткан Аллам, ыйманымды бекемде, жакшы амалдарымды арттыр жана адеп-ахлагымды ондо. Кабыл болбой турган дубадан оолак болуу үчүн Сага сыйынам. Сүйүктүү пайгамбарыбыздын каалоо-тилектерин мен да Сенден тилейм, оолак болгон нерселеринен мен да оолак болуу үчүн Сага баш калкалайм.”

“Алла таалам, жасаган иштеримдин туура эмес түшүнүлүшүнөн жана жалган жалаага кабылуудан, бирөөнү ыксыз жерден күнөөлөп адилетсиздик кылуудан сактооң үчүн Сага корголойм. Жасаган иштеримдин натыйжаларын оң кыл жана алардын ошол калыбанда улана беришин насип кыл. Мени үй-

бүлөмө, өлкөмө жана адам коомуна пайдалуу киши кыл. Бизди бул дүйнөдө жана акыретте эң сонун ырыскыларың менен сүйүндүр."

"Кудуреттүү Аллам, көңүлүмдү ар кандай жаман ниет, ойдордон сакта. Жүрөгүмдү ар кандай коркуу сезимдерден, күмөн ойлордон жана жагымсыз адат-мүнөздөрдөн корго. Мени бир гана өзүн ойлоп, өзүнүн проблемаларын чоң көрүп, башкалар менен болгон байланыш-катышын үзүп салган өзүмчүл жана текебер кишилерден кылба."

"Оо Алла таалам, Сен кечиримдүүсүң, кечиргенди жакшы көрөсүң. Менин жана бардык момундардын күнөөлөрүн, кемчиликтерин кечир."

"Оо улуу Раббим, мени сүйүктүү кулдарыңдан кыл. Иштеримди жеңилдет. Турмушумду жакшырт. Мени аркасынан жакшылыктары жана жакшы сапаттары эскерилгендерден кыл. Өзүңө жакпаган бардык нерсени менден оолак кыл. Мени жашоо-турмушум, жүрүш-турушум жана сөздөрүм аркылуу Сени жана Исламды эң жакшы түшүндүргөн адамдардан кыл."

"Алла таалам, иштеримди жеңилдет. Эң жакшы ысымдар Сага таандык жана ошол ысымдарың менен Өзүңө жалбарамын. Узун өмүр жана жасаган иштериме берекe бер. Мага буюрган ырыскылардын баркына жетип, алар үчүн шүгүр кылып ысырапчылыкка жол бербөөнү мага насип кыл."



"Оо улуу кудуреттүү Аллам, мени пайдасыз иштер жана ыксыз көңүл ачуулар менен алек болуп, өз милдеттерин жана ибадаттарын унутуп койгондордон кылба. Туура жүрүп түз сүйлөгөндөрдөн кыл. Ар кандай кырсык-балээлерден, алаамат-балекеттерден сакта."





Дуба – сүйүү жана жакындык
Дуба жашообуздун көркүнө көрк кошот
Кубанычыбызга кубаныч кошот
Жолубузга жарык чачат
Алла таала дуба кылышыбызды каалайт
Ал бардык дубаларыбызды угат, туят
Кылган дубаларыбызга жооп кайтарат
Андай болсо дуба кылалы.

ISBN 975194059-1

9 789751 940599

DUALARIMI ÖĞRENİYORUM
(Kırgız Türkçesi)

Дин иштери башкармалыгынын белеги, акчага сатылбайт.